# Бахаи келмелери

**Бишкек-2004**

**Бахаи келмелери**

**Бахаулла, Баб жана Абдул-Баха тарабынан ачылган тандалган келмелер**

Орус тилинен которулду.

Россия, Бахаилеринин Рух Жыйыны 2000-ж. Басылма

Санкт-Петербург

Кыргыз Республикасындагы Бахаи дининин Улуттук Рух Жыйыны

*Бахаи келмелери*

**Бахаулла, Баб жана Абдул-Баха тарабынан ачылган тандалган келмелер**

Кудайды эскер алып Аны даңазалаган: үй болобу, жай болобу, өрөөн болобу, жер болобу, деңиз болобу, арал болобу, шалбаа болобу- бардык жайлар бакыйбатта болот.

**Бахаулла**

О, менин кулдарымдын ырдагын кабыл алган Кудай ырларын, Ага жакын адамдар аларды кандай ырдашкан болсо, дал ошолордой, ырдагын обондоруңдун жагымдуулугу сенин жаныңды эргитип жана да бардык адамзат пенделеринин жүрөгүн өзүнө тартып тургудай ырда. Кудайдан келген ырларды өз үйүндө тынч отуруп ким гана окубасын, Бардыгын кармап туруучунун периште-кабарчылары анын оозу менен айтылган сөздөрдүн жыпар жытын кайсы жерге гана болбосун таркатышат, жана да, ар биринин жүрөгүн дирилдеп турууга мажбурлайт. Мейли, а дегенде бул сөздөрдүн таасири ага сезилерлик болбой деле койсун, бирок ага берилген жыргалдар өз мезгилинде анын жан дүйнөсүндө жаңырат. Кимде-ким күчтүн жана акылмандыктын башаты болсо, Ошонун Эрки боюнча Кудайдын Ачылыштарынын сырлары ачыла берет.

**Бахаулла**

**Мазмуну**

Зарыл болгон келмелерди издөөнү жеңилдетүү максаты менен келмелер шартту түрдө бөлүмдөр боюнча бөлүштүрүлдү.


Милдеттүү келмелер
Кыска намаз....
Орто намаз.....
Узун намаз.....
Милдеттүү келмелерди окууга тиешелүү болгон “Китаб-и-Агдас обзору жана мыйзамдар жана аныктамалар жыйнагынан” алынган үзүндүлөр....
Жалпы келмелер
Кечинде жана түндө...
Кудайдын ишинин колдору...
Диний сапаттар...
Диний жайындар....
Бирдик...
Коргоо...
Айыгуу.... (Ден салуу же Доба)
Узун айыктыруучу келме (ден салуу же Доба)
Кебелбестик....
Аша кечүү...

Кыйын кезеңдерде колдоо...
Жардам...
Кечирим...
Окууну таркатуу...
Кудайдын алдын ала жазып койгон Ыйык жазууларынан дерди таркатуу туурасында келмелер....
Үй-бүлө...
Ата-Энелер үчүн...
Күйөөлөр үчүн...
Келечектеги энелер үчүн...
Жыйындар...
Осуяттагы туруктуулук...
Кудайдын ишинин салтанаты...
Кыйынчылыктар жана сыноолор...
Маркумдар туурасында...
Эрте менен....
Алкоо жана ыраазылык...
Хукукулла...
Адамзат...
Фонд...
Атайын келмелер
Нике...
Арадагы күндөр...
Орозо...
Ахмадка кат...
Катышып отуруу туурасында Скрижаль-Ыйык жазуу...
Келмелердин биринчи саптары боюнча алфавиттик көрсөткүч...
Милдеттүү келмелер
Милдеттүү келмелерде окууга тиешелүү болгон “Китаб-и-Агдас обзору жана мыйзамдар жана аныктамалар жыйнагынан алынган” үзүндүлөр, караңыз ....-б.

***Кыска милдеттүү намаз***

**Суткасына бир жолу таанысын чак түш менен күүгүм аралыгында окулат.**

О, Кудайым, Сени таанысын деп жана Сага табынсын деп, Сен мени жараткандыгыңа күбө өтөм. Ушул саатта өзүмдүн алсыздыгым жана Сенин кудуретиңе, өзүмдүн жарабагандыгыма жана Сенин – берекелүү молчулугуңа күбө өтөм.
Коркунучта Жардамчы, Өзү жаралган, Сенден бөлөк, Кудай жок.

**Бахаулла**

**Орто намаз**
**Күн сайын багымдатта, бешимде, дигерде окулат.**

**/Кимде-ким Кудайга сыйынса, колун жууганда мындай деш керек/:**

О, айланайын Кудайым! Колдорума кубат бер, Китебиңди калтаарыбай кармайын. Дүйнөдөгү башка күчтөр, Алсыратып салбасын. Тиешеси болбогондор, Тийишкенден сактасын. Күч-кубат, таянычсың мага дайым. Кудай, кудуретиңден кагылайын!

**/Жүздү жууганда мандай деш керек/:**

О, айланайын Жараткан! Жүзүмдү Сага караттым. Нуруңду чачып, бешенемди жарык кыл! Бурулбасын жүзүм Сенден башкага. Айныгандан алыс кыл, Кайт болгондон калкала!

**/Анан кайкалап, түз туруп, жүзүн Кыбылага/. Күн Батышта, Аккага жакын Бахжи деген жерде, таат-ибадат. Зыярат кыла турган жер./ буруп мындай деш керек/:**

Кудай Андан башка Кудай Жок экенин күбөлөйт. Ачылыштында жаратылгандардын да падышачылыгы Ал өзү. Акыйкатта, Ал Көрсөттү ким экенин Ачылыштын таң нуру, Ким экенин Синай тоодо маектешкен. Ааламды ачып, көкөлөткөн /Лотос/ дарагын, Андан ашып өтпөсүңөр бардыгың. Бардыгына, асмандагы, жердегиге, Ал аркылуу жарлык болгон. Ал мындайча жаңырат: "Көңүл коюп уккула, Асман, жердин өзөгү, Даңк, бийликтин дал өзү, Адамзаттын Кудайы, ааламдардын Теңири, Жети кабат жер менен, Жети катар асмандын, Кармап турган Эгедери, Тактын Ээси, Өзү келди! "

**/Анан бүгүлүп, колдорун тизесине коюп, мындай деш керек/:**
на жердеги бардык жандарга Ким аркылуу: "Кулак салгыла, Бардыгына ээлик кылуучу келди. Жер жана көк, даңк жана бийлик Кудайга, бардык адамдардын Теңирине жана тоо менен өрөөндүү жердеги Тактынын Ээсине таандык!" деген чакырык жаралган болсо, Ошону Ал келтирди.

**/Андан кийин эңкейип, колдорун тизесине коюп, анан дейт/:**

Менин алкоолорумдан жана менден бөлөк, башка ар кимдердин көкөлөтүп алкоолорунан, менин баяндоолорумдан жана көктөгү бардык жандардын жана жердеги бардык жандардын көкөлөтүп баяндоолорунан Сен жогорусуң!

**/Андан кийин, тикесинен туруп жана колдорунун алакандарын жүзүнө алып, дейт/:**

О, Кудайым, кимде-ким Сенин ырайымдуулугуңдун жана Сенин жыргалыңдын этегинен кармап коколой башы менен сыйынып жатса, бардык ак көңүлдүүлүк кылгандардына ичинен Өтө ак көңүлдүүсү, о, Сен, аны үмүтүнөн ажыратпа!

**/Андан кийин отурат да, дейт/:**

Сенин бирдигиң жана Сенин жападан-жалгыздыгың тууралсында жана Сен Кудайдын өзү жана Сенден бөлөк, башка Кудай жок экендиги тууралсында күбө өтөм. Сен акыйкатында, Сенин Ишиңди келтирдиң, Сенин Осуятыңды аткардың жана кимде-ким көктү жана жерди мекендеген болсо, бардыгы үчүн Сенин ырайыңдын дарбазасын кенен ачтың. Ак бата жана тынчтык, куттук сөз жана даңк, дүйнөнүн өзгөрүлмөлүүлүгү жана оомалуу-төкмөлүүлүгү кимдерди Сенден иренжите албаса, Сенде эмне болсо, ошолорду алуу үмүтүндө, кимдер эмнеси болсо, бардыгын берсе, ошолорду, Сенин сүйгөндөрүңдү шыктандырат. Сен, акыйкатында, Түбөлүк Кечиримдүүсүң, Бардыгынан жоомартсың.

**/Эгерде кимде-ким узун ырдын ордуна мындай сөздөрдү айтууну кааласа:**
"Коркунучта Жардам берген Өзү жаралган Андан бөлөк, башка Кудай жок экендигине Кудай күбө өтөт " деп, ушул айтуу жетиштүү болот. Ошондой эле, эгерде сыйынуучу отуруп алып, мындай сөздөрдү айтса жетиштүү болот: "Сенин бирдигиң тууралсында жана Сенин жападан-жалгыздыгың тууралсында, ошондой эле Сен Кудайдын өзү жана Сенден бөлөк, башка Кудайдын жок экендиги тууралсында күбө өтөм"./

**Бахаулла**

## *Узун намаз*
## Суткасына бир жолу окулат

/Бул намазды окуган тикесинен турат да, Кудайга карай бурулат, ошентип ордунда туруп, Өтө ырайымдуу, Жан тартуучу Теңиринин ак көңүлүн күткөн сыяктуу оң жана сол жагын карайт. Андан соң, дейт/:

О, Сен, Кимде-ким бардык ысымдардын Теңири болсо, ошонун өзү жана көктүн Жаратуучусу. Кимде-ким Өтө көкөлөтүлгөн, Бардыгынан даңктуу Сенин көзгө көрүнбөс Маңызыңдын Таңынын өзөгү болсо, ошолор менен менин сыйынуумду Сенин сулуулугуңдан мени ажыратып турган көшөгөнү өрттөгүдөй отко, ошондой эле Сенин

катышып отуруунун океанына карай мени алып баргыдай жарыкка айландыр деп Сага сыйынам.

Андан соң Кудайга кайрылып сыйынып, - ылайым, Ал ак баталуу болсун жана көкөлөп турсун, - ага тиешелүү алакандарын жайып, дейт:

О, Сен, жарык дүйнө Эңсөөсү жана элдердин Сүйгөнү! Сенден бөлөк, башкаларга карата ар кандай байланып калуучулуктардан баш тартып, ошондой эле бардык жаратуулар анын кыймылы менен козголгон Сенин учугуңдан кармап, Сага карай менин кандайча кайрылып жаткандыгымды көрүп турасың. О, менин Теңирим, мен Сенин кызматчыңмын, ошондой эле Сенин кызматчыңдын уулумун. Карегиңе ал, - мына мен Сенин ырайыңан кыйгап, башканы издебеген, Сенин эркиңди жана Сенин тилегиңди аткарууга даяр, Сенин алдыңда турам. Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн Океаны жана Сенин жыргалыңды Күндүзгү Жылдызы менен: Сага кандай ылайык келсе жана кааласаң, Сенин кызматчыңа ошондой мамиле жасай бер, –деп Сага сыйынам. Ар кандай эске салуу жана алкоолордон алда канча ашып түшкөн Сенин күч-кубатың менен ант берем! Сен тарабынан эмнелер ачылса, бардыгы менин жүрөгүмдүн эңсөөсү жана менин жан дүйнөмдүн сүйгүнчүгү. О, Кудайым, айланайын Кудайым! О, жок, менин үмүт этkendериме жана менин кылык-жоруктарыма караба! – Көк менен жерди камтыган Өзүңдүн эркиңди гана ээрчи! О, Сен, бардык элдердин Теңири, Сенин Эң улуу Ысмың менен ант берем! Сен эмнени эңсесең, мен ошону гана кааладым, андыктан Сен эмнени сүйсөң, ошону гана жактырып калдым.

/Андан соң тизелей отурат да, жерге карай маңдайын ийип, дейт/:

Сенин Өзүңдөн бөлөк, башка бардык ашыкча жогору баяндоолордон, ошондой эле Сенден тышкары бардык жандуулардын ашыкча жогору түшүндүүлөрдүн Сен жогорусуң.

/Андан соң өйдө болот да, дейт/:

О, менин Теңирим, азырынча Сенин чексиз үстөмдүгүң өкүм сүрүп турганда мен аны менен жашагыдай, ошондой эле Сенин дүйнөлөрүңдүн ар бир дүйнөсүндө Сени эске алгыдай болуум үчүн менин сыйынуумду мүрөк сууларынын булагы кыл.

/Андан соң кайрадан сыйынууга катыштуу алакандарын жаят да, дейт/:

О, Сен, Кимдер менен ажырашып жашоодо жүрөктөр жана жан дүйнөлөр -ээриди жана бүткүл дүйнө жүзү Кимдин сүйүүсүнүн оту менен жалындады! Сен бардык жаратылгандарды ким менен багындырсаң, ошол Сенин ысмың менен: бардык адамдарды Ким башкарып жатса, ошол, о, Сен, Сени менен эмне болсо, ошондон мени ажыратпа, деп Сага сыйынам! О, менин Теңирим, - ушул дервиш Сенин улуулугуңду көлөкөсү алдында жана Сенин ырайымдуулугуңдун чектеринде өзүнүн эң бийик турак жайына шашылууда, ушул күнөөкөр Сенин кечиримиңдин океанына карай, ушул басынган – Сенин даңкыңдын сарайын карай, ушул жакыр – Сенин байлыгыңдын чыккан жерине карай жөнөшүүдө. Эмнени эңсесең, ошону буйрууга Сенин бийлигиң бар. Сенин иштериңде Сени мактоого жана Сенин осуяттарыңда Сага баш ийүүгө туура келет, Сени буйруктарыңда эркин болууга Сага гана жарашат, деп күбө өтөм.

Андан соң катышы бар алакандарын жаят да, Эң улуу Алла-у-Абха ысымды үч ирет кайталайт. Андан соң, Кудай алдында, - ылайым, Ак ак баталуу болсун жана көкөлөп турсун, - колдорун тизелерине алып, эңкейет да, дейт:

О, Кудайым, Сага табынууга умтулуп жана Сени эске алууну, ошондой эле Сени даңтоону дилгирлене каалап, менин бүтүндөй денемде менин рухум кандайча жалындады, Сенин сөздөрүңдүн тутумдуу айкалышынын дүйнөсүндө жана Сенин билимдериңдин асмандарында Сенин Осуятыңдын Оозу эмне тууралуу күбө өтсө, ошол тууралуу ал кандайча күбө өтүп жатат, көрүп турасың. О, менин Теңирим, ушул абалда туруп, мен өзүмдүн жакырлыгымды көрсөтсө жана Сенин жоомарттыгыңды жана Сенин байлыгыңды көкөлөтө алгыдай, өзүмдүн алсыздыгымды моюнга алып, ошондой эле Сенин алыңды жана күч-кубатыңды ачып бере алгыдай болуу үчүн Сенде эмне болсо, бардыгын Сенден сурагым келет.

Андан соң өйдө болот да, сыйынууга катыштуу алакандарын эки ирет жаят да, дейт:

Бардыгынан күч-кубаттуу, Бардыгынан жоомарт Сенден бөлөк, башка Кудай жок. А дегенде кандай болсо, аягында да, дал ошондой болгон Орундаштыруучу Сенден бөлөк, башка Кудай жок. О, Кудай айланайын Кудайым! Сенин кечиримиң менин көңүлүмдү көтөрдү, Сенин ак көңүлдүүлүгүң мага күч берди, Сенин чакырыгың мени ойготту, Сенин ырайың мени көтөрдү жана Сага карай алып келди. Мындай болгондо Сага жакыныраак келген шаарчаңдын дарбазасынын жанында туруугa мен кандайча батына же Сенин эркиңдин асманынан жарк эткен отторуңа карай менин жүзүмдү бура алар элем? О, менин Теңирим, Сенин ырайыңдын эшигин черткен ушул бечера пендени, ошондой эле Сенин марттыгыңдын колдорунан чексиз жашоонун өзөнүн издеген, ушул жандай салып өтүп бара жаткан жанды, Сен көрүп турасың. Бардык ысымдардын Теңиринин өзү Ким болсо, ошол, о, Сен, Сага-бардык учурларда бийлик жүргүзүүгө туура келет; о, көктүн Жаратуучусу, мага Жүгүндүрүп, таазим кылдырган, Кереметтүү Кеңдигиңе, Кол кууштуруп, кулдук урдурган, Сенин Улуу Тилиң менен айтылган-Урматыңды моюнга алдырган. Алкоо Сага, Даңк Сага, Касиеттиңден кагылайын Кудайым!

/Анан өйдө туруп мындай деш керек/:

О, Теңирим, кудуреттүү Кудайым! Күнөөмдүн салмагынан, Бел ийилип боздодум. Камаарыбай калганыман – Ойрон болот окшодум. Менин кылган жамандыгым, жоругум, Мээни мыжып, кут учурат, ойлосом. Аалам эңсеп, үмүт кылган, Ай-чырайлуу Теңирим! Мен уялам, тик көтөрүп турасың, Аккан менин көз жашым, Алкаганга Сени эскертпей жатпайбы. Сенин кылган кайрымыңды, Кантип эске сактайлы. Асман тагын, жер аймагын ээлеген, О, Жараткан Эгедер! Аян берген сөөлөтүңдү пир туту, Сенин өкүм-бийлигиңди сыр тутуп. Сага теңир, сыйынам! Сенин жоомарт пейлиңдей, Сен жактырып сүйгөндөрдү – Дал Өзүңдөй туюнам. Мүлдө ааламды кармап турган Кудайым, Кандай сонун Сенин берген жыргалың. Көрүнгөн же көрүнбөгөн нерсенин Өкүмдары! Бийлигиңде бир Сенин!

/Анан улуу Урматтуу Ысымды үч кайталап, тизе бүгүп маңдайды жерге тийгизип, мындай деш керек/:

Кудайга шүгүр, алкыш Сага! Өзүңө тартып алганыңа. Берген ырыскы-шыбагаңа, Баарына жакшылык кылганыңа, Көктөн жөнөткөн Китебиңе. Жазган Жазуу – Буйругуңа. Калкала бизди, сакта жана Азгырбасын жалган санаа. Курулай эмес, шаан-шөкөт, Кудайга тообо, жалынам Сага! Баарын берген, баарын көргөн кудуреттүү Акыйкатта бир Өзүң гана!

/Анан башын көтөрүп, отуруп келме келтирет/:

О, Жараткан Теңирим! Тандамал Сенин өкүлдөрүң. Күбө болуп, эмнени далилдегенин-Күбө өтүп, мен да далилдеймин. Жогорку Бейиште жашагандар, Кимди акылы менен тааныганын – Мен да таанып, - табынамын. Сенин керемет тагыңды, Эмнелер курчап турганын – Таанып – билип таазим кыламын. Асманда, жерде өкүм сүргөнүн – Ал негизиң, Сенин өзөгүң, Чыныгы Ээси Сенсиң дүйнөнүн!

Акыйкатта билип кой. Кудайдын ар бир доорунда Кудайдын Аяны адамдардын рухий шык-жөндөмүнө жараша түздөн-түз жөнөтүлөт. Күндү алып көр. Күн жаңыдан чыга баштаганда анын нурлары алсыз чачырайт. Акырындап, бардык жандууларды күч алып бараткан жарыгына көндүрүп, ал чакыйып төбөгө келгиче жылуулугу жыргатып көбөйө берет. Ошондой эле күн уясына акырындап күчүн азайтып, меелүүндөп, сууп барып батат. Ал кокустан бүткүл алоолонгон жарыгынын кубаты менен чыга калса, дароо эле бардык жаратылгандарды куйкалап, өрттөп, кетмек... Ошол сыяктуу эле Чындыктын да күнү өзүнүн адепки пайда болгон мезгилинде Кудуреттүү Кудайдын аяны берген бардык күч-кубаты менен чыга калган болсо, жер жүзүндөгү адамзаттын акыл-эси дароо эле соолуп, кургап, куйкаланып калмак. Анын Аяндарынын жалбырттап жанганын Адам жүрөгү көтөрө албай, чагылышкан нурларына чыдай албай жарылып кетмек. Бүрүшүп, уйпаланып, куйкаланып отуруп, адамдар жашоосун токтотмок, жер үстүнөн жок болмок.

О, Кудай деген пенделер, жүрөгүңөрдү эң ишенимдүү, теңдешсиз Досуңардын акыл-кеңешине бургула, кунт коюп уккула. Кудайдын сөзү адамдардын жүрөктөрүнө тамырланып жаш көчөт сыяктуу болуу керек. Асманга андан да бийик көтөрүлүш үчүн, тамырыңар терең кирип, шак-бутактарыңар кең жайылып өсүш үчүн касиеттүү жана көтөрүңкү сөздөрдү сугарып турган даанышмандыктын мүрөк суусуна канып, силерге акылмандыктын өзөгүнөн чыгуу милдети тагылган.
О, силер жер үстүндө жашагандар! Чексиз улуу Ачылыштын артыкчылыгы тааныла турган өзгөчөлүк мына, мында биринчиден, адам баласынын арасында боло турган чыр-чатак, жаңжал, кыйнаттык, мүшкүлдөргө себепкерлердин бардыгын биз Кудайдын ыйык Китебинин барактарынан таптакыр өчүрүп салдык, экинчи жактан - толук жана туруктуу, бекем биримдиктин өз ара макулдашуу, келишүүлөрүнө, негизги шарттарды түздүк. Менин осуяттарымды сактагандар сөзсүз бейишке чыгат.
Атүгүл чыр-чатактын жыты жыттанган жерден бирин-бири сүйгөн ашык жарларды оолак болууга кайрадан – кайра акыл-кеңешибизди айттык. Дүйнө дүрбөлөң түшүп, чоң бүлгүнгө, ааламатка баратат, аны токтотууга адамдардын чамасы, акылы жетпей кала турган болду. Адамдарды Ал Өзүнүн атак-даңкынын адилеттүүлүгү менен агартып-көгөртүп, өзүнүн Кайрымын көрсөтүп, Ыйрамын төксө экен деп, жалынып суранабыз, алар үчүн ар кандай шартта, ар кандай убакта пайдалуу жол таап берүүсүн тилейбиз. Ал, акыйкатта, бардыгынан Жогору, бардыгына бийлик кылуучу Өкүмдөр.
Мен камактын каарынан камыгып, кайгырып турганым жок. Кемсинткенге да, кордогонго да, кыйнаганга да кейибейм. Душмандарымдын колунан эмне жамандык келсе, көтөрөм! Ал-мени даңкым болот, ал Даңк менен Кудай Өзүнүн шаңдуу кылган. Ооба, муну билип койгула!

Мен көтөрүүгө мажбур болгон маскаралык – даңка чулганды, ал бардык жаралгандарды курчады. Мен баштан өткөргөн катаал ырайымсыздык аркылуу адамдарга жарык чачкан Адилеттүүлүктүн Күндүзгү Шамчырагы жаркырады. Ким өзүн жаман адаттарга көндүрсө, мен ошого кайгырам, бирок Ырайымы артык, Кайрымдуу, Даңктуу Кудайдын Ишенимине таандык боолууга талаптандырат. Бахтын эли дүйнөдөгү тынчтык үчүн жана андагы бардык жаратылгандардын жыргалы үчүн өлүүгө туура келет, бейиштегилер алардын кийимдеринен касиеттүү куттун жыпарын искеш үчүн, Баардыгынан Ырайымдуу Кудайдын мээримин алардын жүздөрүнөн көрүш үчүн бардыгынан Кудуреттүү, бардыгынан Даанышман Кудайдын жышаан белгилери алар аркылуу жайылыш үчүн Бахтын эли жердеги ар нерседен баш тартууга туура келет. Кудайдын Ишинин жаркыраган Ысымын жаманатты кылгандар, дене жыргалына азырылгандар сөзсүз оор күнөөгө батат.
О, жүйүттөр! Кудайдын Руху болгон Ыйсаны айкаш жыгачка кайра да кергиңер келсе, аны коюп Мени кергиле, анткени ал мен болуп, Менин кейипимде кайрадан келди. Мени эмне кылсаңар ошо кылгыла, анткени Мен Кудай Жолунда Өз Өмүрүмдү кыюуга убада кылгам. Эч ким Мени коркута албайт, атүгүл бүт жер жүзүнүн, Асмандагы күчтөрдүн бардыгы биригип турса да сесетене албайт. Инжилди жолдоочулар! Кудайдын Русулу

О, садагаң кетейин Кудай! Алакан жайып, салбырап колум сунам, Сенин мээримиңди бейишиңди сурайм. Тилегимди кабыл кыл, О, кагылайын ырайымы артык Кайрымдуум!
/Анан отуруп, мындай деш керек/:
О, Жараткан Кудай! Жалганда жалгыз Өзүңсүң! Мээримиң бирдей төгүлсүн. Анткени, Өзүңдөн башка Кудай жок! Акыйкатта, осуятыңды орундап, Өз ишиңди аткардың. Асманда, жерде жашагандын, Баарына энчи кылып жыргалдарын, Эшигин бейишиңдин ачып салдың. Өзүң сүйгөн пенделерге, Өзүңдүн батаң тийсин. Куттук айтып, үйүнө тынчтык кирсин. Сый – урмат, даңка жетсин, Оомалуу-төкмөлүү өң кубулткан дүйнөдө, Өзүңдөн ажыратпай, Оопайлык, кемпайлык алыс кетсин...Өзүңдө болгондорун Сага берген - Өзүңдөн үмүт кылган пенделерге, Тилеген тилегин берсин. Акыйкатты, баарын берген Өзүңсүң! Ар дайым кечирген да Өзүңсүң!
/Узак сөздөрдүн ордуна муну мындай деп колдонсо да болот/:

Кудай өзү көрүп турат, Кудайдын башка Кудай жок. Коркунучта колдоп алар, Жамандыкта жардам кылар, Жараткан Теңир бир Өзүң!
/Эгерде отуруп сыйынган киши так ушундай эле төмөнкү сөздөрдү айтса жетиштүү/: Жараткан күч ааламда, Жалгыз гана Өзүңсүң! Кудуреттүү Кудайым, Өзүңдөн бөлөк Кудай жок.

**Бахаулла**

***Узак келме***

**Күн сайын бир жолу окулат**

/Бул келмени окугандар ордунан туруп, оң ийнине, анан сол ийнине ыклас кылып, Ченемсиз Кайрымдуу, Чексиз Боорукер Жараткан Теңирге мындай деп кайрылуу керек/:

О, асманды жараткан, Баарыбызга, ысым берген. Кудай кудуретиңден! Көзгө көрүнбөгөн, Көккө бийик көтөрүлгөн, Ааламга жарык берген. Ченемсиз даңазалуу даңкың менен, От чыгар мен келтирген келмелердин, Далдалаган парданы өрттөп салсын. Жашырбай ай-чырайыңды менден, Сен турган мухитке алып барсын.
/Анан Кудайга кайрылган ушул келмеге кол тийгизип Ал урматтуу улук болсун, зоболуу бийик болсун деп төмөнкү сөздөрдү айтуу керек/:

О, ааламды жараткан бир Өзүң, О, адамдын көксөгөнү бир Өзүң! Кайрылам да жанынам. Жалынганды Өзүң көрүп турасың. Ниетим ак, дитим чаппай башкага, Сага гана байлангам. О, Жараткан Теңирим! Мен Кудайдын кулумун, Кулуңдун перзент уулумун! Мени көр көңүл бөлүп, Каалаган тилегимде даяр турган. Эркиңе моюн сунган. Сенден бөлөк эч кимди издебеген, Сыйынган бир Өзүңө, Чалкардай мээримиңдин нуру менен, Лазатыңдын күндүзгү күнү менен. Кандай каалап, кандайын туура көрсөң, - Так ошондой кулуңа буйругуң бар. Кагылайын Кудайым, кудуретиңден! Бийик турган мактоодон, эскерүүдөн! Сен мага алдыма ачып жараткандар – жанга дем, жанга жагат. Жан – дилим чын сүйүп, кабыл алат. О, Жараткан Теңирим! Алаксыба менин үмүт, иштериме, Жаза бер жазмышыңды. Асман жер кучагыңда, өз эркиңде. Сенин улуу, урматтуу атың менен. О, Кудай, кудуретиңден! Сен каалаган нерсени мен кааладым, Сен жактырган иштерди, мен жактырдым.

/Анан тизе бүгүп, башты жерге тийгизип, мындай деш керек/:

Сеникинен тышкары кандай сезим болбосун, Сен жогору турасың. Сеникинен тышкары кандай туюм болбосун, Сен жогору турасың.
/Анан өйдө туруп, мындай деш керек/:
О, Жараткан Теңирим! Мен келтирген келмени узак кыл да, Мүрөк суу агып чыккан булак кыл да. Сенин дооруң канча убак өкүм сүрсө. Так ошончо жашайын жылдан-жылга. Сенин сансыз дүйнөнүн ар биринде, Сени эскерип турайын ар күнүмдө.
/Анан колдору кайрадан келмеге тийип, мындай деш керек/:
О, кудурет! Сен жок болсоң- Жүрөк менен жаным эрип жок болот. Сен бар болсоң-Сүйүң менен дүйнө жанып от болот. Атыңды атап, мен Өзүңө жалынам. Жаралгандын баары Сага багынган. Айрылбайын Сенде болгон нерседен. О, Кудурет, баарын тейлеп, даарыган, Мени көрүп тургандырсың, Жараткан. Мен мусаапыр шашып Сага бараткан-Көкөлөп жаап турган этегиң, Чексиз бийик көтөрүлгөн үйүңө. Сенин жылуу мээримиңе бет алган, Сенин улуу урматыңды сүйүүгө. Боорукерлик кайрымыңдын чегине. Мен бактылуу акыры бир жете алсам. Сенин айкөл кечирүүңдү кең пейил. Издеп келген момунуңду карагын, Даңазаңдын короосуна умтулган. Көрсөң боло төмөн турган абалын. Байлыгыңдын таң нуруна умтулган. Байкушуңду кулпендеңдей санагын. Сенин эркиңине каалаcаң, бурюрсаң. Мактоо Сага жарашат деп туюнган. Дитим Сенин буйругуңа бурулган, Осуят, ишиң жолтоосу жок угулган.

/Анан колду көккө көтөрүп, чексиз улуу ысымды үч мертебе кайталап, кайра жүгүнүп, колду тизеге коюп, Кудай алдында, Анын даңазасы менен зоболосу көтөрүлсүн – деген соң мындай деш керек/:
Көрүп турасың, кагылайын Теңирим! Сени эстеп, куса болуп. Сени даңктап, Сага умтулуп. Сага таазим кылууга – Он эки мүчөм, бүт делебем козголонду. Бийлик кылган өзтилиңде. Асманы кең билиминде. Осуятыңды,Өз оозуң озуңдан айтканды-Менин дилим айгинелеп жатпайбы. Айланайын, Теңирим! Мына  ушундай абалда, Сага умтулуп барам да. Баарын Сенден барып сурап алам да. Көрсөтүп менин байкуш экенимди, Көкөлөтүп Сенин байлык, берекеңди. Жана да менин алсыз экенимди, Келтирүүгө Сенин күч-кудуретиңди!
/Анан өйдө туруп, эки ирет колду көтөрүп, Кудайга жалынып, мындай деш керек/:
Кудурети күчтүү, Берекеси артык, Өзүңдөн башка Кудай жок. Башталышында да, аякталышында да осуят айткан. Өзүңдөн башка Кудай жок, О, Теңирим, кудуреттүү Кудайым! Кечиргениң – мага дем-күч, Сенин мээриң мага кубат, Чакырыгың мени ойготту. Жыргалың тургузду да алдыга алып басты. Сен жашаган шаардын капкасына. Антпесең, даап бардып турат белем? Көрүп турсуң, кагылайын Кудайым, Жыргалыңдын капкасын каккылаган, Жардамсыз байкуш жанды. Айланайын Кудайым! Осуяттың-осуяты бардык кылымдардын. О, Жараткан Теңирим! Теңирисиң бүт бардык ысымдардын. Аң-сезимдүү баш ийип же баш тартканым, Сенин гана эркиңде, асманды Жаратканым!
/Анан тизеге бүгүп, башты жерге тийгизип, мындай деш керек/:
Бардык улуу улуктан Кудай улуу!
/Анан тизе бүгүп, башты жерге тийгизип, мындай деш керек/:
Жанында тургандарды макташ үчүн, Жакындап асманыңа барыш үчүн.
Бир Өзүңө берилген жүрөк кушу. Жетип барып капкаңды кагыш үчүн-Сен өтө эле алыссың да бийиксиң! Сенден башка Кудай жок! Эң даңктуусуң, эң урматтуу Улуксуң!
/Анан отуруп айтуу керек/:
Бардык жаратылгандар, Бардык топ жылдыздар, Жогорку бейиште жашагандар, Улуулуктун Тили, шаңкайган асман бети, Далилденген бул чындыкты-Мен далилдеп күбөгө өтөм, Өзүңдөн башка Кудай жок деп. Ал бизге жарк ачылган керемет сыр, Кымбат Белги, баалуу Жышаан, Болсун десе, болуп калган. Ушул сөздүн тамгалары биригип, Бир сөз болуп кошулган. Анын аты Жогоркунун каламынан, Жараткандын Китебинде жазылган. Төбөмдөгү кең асманда. Төмөндөгү жер тагында, - Отургандын көңүлүнө басылган.
/Анан түз туруп мындай деш керек/:
О, мүлдө ааламда жашаганды Жасаган! Көзгө көрүнбөгөндү – көрүнгөндү Ээлеген! Шуу үшкүргөн демге кулак төшөгөн, Себелеген көз жашымды ээлеген. Үнүмдү уккан озондогон, онтогон. Жүрөктөгү ыйымды угуп жөлөгөн-Кудуретиңден айланайын Кудайым, Сенин сүйүп турганың, Мага байлык ээлеген. Эгер Сенден айрылсам, Ажал арбап мен өлөм. Оолактасам, бөлүнсөм, Ойрон болом Кудай уруп төбөмөн. Эрме чөлдө кадамыңа сыйынам. “Мен мындамын, мен мында!”-деп жалынам. Сен тандаган өкүлдөрүң, Бул сөздү айтып, ээн жерде табынган. Сен Ачканды-дем тутуп, Сен көрүнгөн –Таң шооратын мен жутуп, Ажарыңды бир карасам туюнам. Китебиңде жазылганды сактоону, Жазмыш мага буюрган.
/Анан Улуу Ысымды үч жолу кайталап, жүгүнүп тизени кармап, мындай деш керек/6
Айланайын, Кудайым! Сен эскерип табындым. Даңктаган жардам бердиң. Акылым менен тааныдым. Алкоо Сага, даңк Сага! Аян берген-Аткан Таңым Сенин Бийик Мартабаңда. Мажбур болуп жаткан чагым. Сенин Улуу Урматыңа Сенин эркиңе моюн сунууга жана өз ыктыярым менен багынуу жөндүү!
Андан соң катыштуу алакандардын үч ирет жаят да, да дейт:
Кудай ар кандай улуулуктардан ашыкча улуу!
Андан соң тизелей отурат да, жерге карай маңдайын ийип, дейт:
Сага карай жакын турган акылдаштарыңдын алкоосу Сенин жакыныраак келген Сенин асманыңа жеткидей болсун үчүн жана Сага берилген жүрөктөрдүн канаттуулары Сенин дарбазаңдын эшигине карай көтөрүлө алсын үчүн Сен өтө эле бийиксиң. Бардык

анықтамалардан Сенин ашыкча касиеттүү жана бардык ысымдардан ашыкча ыйык экендигиңе күбө өтөм. Өтө көкөлөтүлгөн, Бардыгынан даңктуу Сенден бөлөк, Кудай жок.
Андан соң отурат да, дейт/:
Бардык жаратылгандар, толук Адамдар да, өтө жогорудагы Бейиштин жашоочулары да, алардан тышкарылар да, бардыгынан даңктуу Көк мейкиндин Улуулугунун Оозунун өзү: Сен Кудайдын өзү экендигиңди, Сенден бөлөк, Кудай жок экендигин, ошондой эле Ким келген болсо, Ким аркылуу "Болсун" деген сөздүн тамгалары бирге бириктирилген жана бекитилген болсо, Ошол Касиеттүү Сырдын, Асыл нарктуу Элестин өзү экендиги туурасында күбө өтүшсө, ошолор туурасында күбө өтөм. Кимдин ысмы. Бардыгынан жогорунун Калеми менен чийилген жана Кимде-ким Кудайдын Китептеринде, тоодогу жана өрөөндүү жердеги Тактынын Ээси тарабынан эске алынган болсо, Ошонун өзү Ал экендигинде күбө өтөм.
Андан соң өйдө болот да, дейт/:
О, бардык жандардын Теңири жана бардык көрүнгөндөрдүн жана көрүнбөгөндөрдүн Ээси! Сен менин көз жаштарыма жана үшкүрүктөрүмө назар салып, ошондой эле менин онтоолорумду жана менин боздогондорумду, ананда менин жүрөгүмдүн ыйларын угуп отурасың. Сенин күч-кубатыңдын алдында аңт беремин. Менин жазыктуу күнөөлөрүм мени Сага карай жакындоого мүмкүнчүлүк беришпей отурушат, андыктан менин күнөөлөрүм мени Сенин олуялык сарайыңдан оолагыраак кармап жатышат. О, менин Теңирим, Сенин сүйүүң мени байытты, Сенден ажыроонун өзү мени ойрондоп, анан да, Сенден алыстоо мени жок кылат. Ошол чөлдөгү Сенин издериң менен, ошондой эле ошол учу-кыйыры жокто Сенин Тандалмаларың айтышкан "Мен мына, Мен мына " деген сөздөр мене да, Сенин Ачылыштарыңдын деми менен да, Сенин Келишиңдин Шоокумунун назик желаргысы менен да- мен Сенин ырайыңды өз көзүм менен көрө жана Сенин Китебиңде эмне болсо, ошонун бардыгын кармана алгыдай орундаштыр, деп Сага сыйынам.
Адан соң Өтө улуу Ысымды "Алла-у-Абха"-деп үч ирет кайталайт, эңкейет, колдорун тизелерине алып, анан дейт/:
О, айланайын Кудайым! Сага алкоо, анткени Сен мага эске алууга жана мактоого жардам эттиң, ошондой эле Кимде – ким Сенин жышаандарыңдын Таңынын өзү болсо, Ошону тааныта, алдың, анан да, мени Сенин үстөмдүгүңдүн алдында жүгүнүүгө , ошондой эле Сенин Кудайчылыгыңдын алдында моюн сунууга, анан да, Сенин улуулугуңдун Оозу эмнени оозанса, ошону моюнга алууга мажбурладың.
Андан соң өйдө болот да, дейт/:
О, Кудай айланайын Кудайым! Менин белим өзүмдүн күнөөлөрүмдүн эзүүсү астында ийилди, анан да, мени өзүмдүн шалаакылыгым ойрон кылып жатат. Ар кандай, мен өзүмдүн жосунсуз жоруктарым жөнүндө жана Сенин изги ниеттериң туурасына ойлогон мезгилде менин жүрөгүм сыртка чыкпай ээрип, ал эми каңым болсо, кан тамырларымда кайнайт. О, Сен, дүйүнө жүзүнүн Эңсөөсү Сенин сулуулугуңдун алдында ант берем! Мен өзүмдүн жүзүмдү Сага карай көтөрүүгө батына албайм жана Сенин марттыгыңдын асманына карай менин сыйынган колдорумду катыштыруудан уялам.  О, менин Кудайым, менин көз жаштарым Сени эске алууга жана Сенин изги нерселериңди көкөлөтө даңктоого мага кандайча мүмкүнчүлүк бербей жатат. О, Сен тоодогу жана өрөөндүү жердеги Тактынын Ээси, көрүп турасың! Сенин Падышачылыгыңдын жышаандары Сенин өкүмчүлүгүңдүн сырлары менен Сага жалбарам, - о, бардык жандуунун Теңири, Сенин жоомарттыгыңа кандайы ылайык келсе, о, көрүнгөн жана көрүнбөгөн Падышасы, Сенин ак көңүлдүүлүгүңө окшошо алса, Сенин сүйгөндөрүңө ошону жаса!
Андан соң Өтө улуу Ысымды "Алла-У-Абха"  деп үч ирет кайталайт, тизелей отурат да, жерге карай маңдайын ийип, дейт/:
О, менин Кудайым, Сага алкоо, анткени Сен бизди Сага карай эмне жакындатса жана бизге бардык жакшылыктарды берсе, Сен тарабынан Сенин Китептериңдеги жана Сенин Жазмаларыңдагы эмнелер ылдый жөнөтүлсө, ошолорду бизге төмөнгө жөнөттүң. О, менин

Теңирим, кыялдагы, шаңдуу ойлордун жана курулай тилектердин кошуунунан бизди сакта деп, Сага сыйынабыз. Сен, акыйкатында, Күч – кубаттуусун, Бардыгын билүүчүсүң.
Андан соң башын көтөрүп, отурат да, дейт/:
О, Кудайым, Сенин Тандамалдарың эмнелер туурасында күбө өтүшкөн болсо, ошолор туурасында күбө өтөмүн, анан да бардыгынан жогору Бейиштин тургундары тарабынан жана Сенин күч-кубаттуу Тактыңды эмнелер курчап турса, ошолор тарабынан эмнелер моюнга алынса, ошолорду моюнга аламын. О, дүйнөлөрдүн Теңири, жердеги жана көктөгү падышачылык Сенин маңызың!
**Бахаулла**

Милдеттүү сыйнууларды окууга тиешелүү болгон "Китаб-и-Агдас" обзору жана мыйзамдар жана аныктамалар жыйнагынан алынган үзүндүлөр
/Түзүүчүлөрдүн эскертүүлөрү чарчы кашааларда/

**Күн сайын үч милдеттүү намаз бар... Динчилге ушул үч милдеттүү сыйынуулардын ичинен бирөөсүн тандап алуу эркиндиги берилген, бирок ал аны өзү тандап алган сыйынуу коштоло турган ошол аныкталып алынган насыяттарга ылайык окууга тийиш.**

## Шоги Эффендинин ысмынан жазылган каттардан

-Милдеттүү намазды окуу учурунда Кыбылага /Израиль, Аккага жакын Бахиджидеги ыйык жай/карап бурулуу милдеттүү.
-Милдеттүү намазды окуу он беш жаш деп белгиленген жетилүү курагына жеткендигине карап эркек жана аялдарга милдет болуп жүктөлөт.
-Милдеттүү намазды окуу зарылдыгынан: оорулуулар, жетимиш жаштан жогору адамдар, аялдар айызы келген учурда, алар даарат алуу жана атайын келген ырды /"Кудай, Жаркырап туруунун жана Сулуулуктун Теңири даңктуу болсун "/ күн сайын 95 ирет кайталоо шартында бошотулат.
-Милдеттүү намазды жекече окуу жөндүү.
-Милдеттүү Сыйынуулар менен байланыштуу эске алынган "Эрте менен", "күндүз" жана "кечинде", ылайыгына жараша, күндүн чыгышы менен чак түштүн ортосундагы, чак түш менен күндүн батышы ортосундагы аралыкты жана күндүн батышынан кийинки мезгилдин эки сааттык убакытын билдирет.
-Кыска Милдеттүү намазды туруп окуу артыкчылыктуу.
-Даарат алуу Милдеттүү намаз окуудан мурда болуп өтүүгө тийиш.
-Суу жок болгон учурда, ошондой эле эгерде аны пайдалануу бет же кол үчүн зыяндуу болсо, анда атайын келген ырды / "Кудай Өтө таза, өтө таза Кудайдын урматына"/ беш ирет айтуу жөнддүү.
-Милдеттүү намазды окуунун алдында, эгерде ал башка максаттар үчүн жасалып өткөн болсо, / бул кийинки пункттан ачылып берилгендегидей, кадимки эле жуунуу эмес, а ырым-жырымга ылайык даарат алуу эске алынып жатат/ даарат алууну кайталоо талап кылынбайт. Анын алдында адам жуундубу же жокпу, ага байланыштуу эмес, даарат алуу зарыл.
-Саякаттоо мезгилинде же башка бир шарттар учурунда Милдеттүү намазды өткөрүп жиберүүнүн ар бир коркунучтуу жагдайында башты жерге тийгизе жүгүнүү жана бөтөнчө ырды айтуу/ "Кудай, Күч-кубаттын жана Улуулуктун, Жыргалдын жаан Жоомарттыктын Теңири даңктуу болсун"; жөн эле: "Кудай даңктуу болсун" деп айтса да болот/ орундуу, андан кийин башка бир бөтөнчө ырды/ "Кудай, жердеги жана көктөгү дүйнөнүн Ээси даңктуу болсун" он сегиз жолу кайталоо жөндүү.

### *Жалпы келмелер*

### Кечинде жана түндө

О, менин Кудайым, менин Төрөм, менин умтулууларымдын Максаты! Сенин кызматчың Сенин камкордугуң жана сактооң туурасында сыйынып, Сенин ырайымдуулугуңдун мекендеген жайында уктоону, Сенин жыргалыңдын түндүгү алдында эс алууну издейт.
О, менин Теңирим, ага Сенден бөлөк, башканы көрбөгүдөй болсун үчүн менин карашымды Сенин чырм этпеген көзүң менен корго, - деп Сенден суранам. Алар Сенин Жышаандарыңды аңдап-тааный жана Сенин Ачылышыңдын Көк мейкинин көрө алгыдай болсун үчүн менин көздөрүмө көрөгөчтүктү бер. Анын бардыгынан күч-кубаттуулугунун күбө өтүүсү алдында күчтөрдүн эң маңыздуусу титиресе, Ошонун өзү Сенсиң. Бардыгынан күчтүү, Бардыгын багындыруучу, Шексиз, Сенден бөлөк Кудай жок.
**Бахаулла**

О, Кудайым, айланайын Кудайым, алар Сен деп жапа чегишип, Сенден алыстап ажырагандыктарынан улам көздөрүн ирмебей жатышкан кезде мен кандайча уктоого чыгына алам? Ошондой эле Сени сүйгөн жандар Сенин катышып отурушуңдан алыста калышып алсырашкан кезде мен кандайча эс алууга бара алам?
Мен, о, менин Теңирим, өзүмдүн рухумду жана өзүмдүн бирдик жашоомду Сенин күч-кубаттыңдын жана Сенин сактооңдун колдоруна салдым, ошондой эле мен өзүмдүн башымды Сенин күчүң менен төшүмө коем жана аны Сенин эркиңе жана Сенин ырайыңа ылайык көтөрөм. Сен, акыйкатында, Сактоочусуң, Коргоочусуң, Бардыгынан күч-кубаттуусуң, Бардыгынан күчтүүсүң.
Сенин күч-кубатың менен ант берем! Түшүмдө да жана өңүмдө да, мен Сен эмнени тилесең, ошону гана сураймын. Мен Сенин кызматчыңмын жана Сенин колуңда боломун. Сага жаккан жыпар жыт эмнеден улам желпип турса, мени ошону гана жасоого ырайымдуу түрдө окшоштур. Ар ким Сага жакындыгы менен бактылуу, менин үмүтүм жана башкалардын үмүтү да, акыйкатында, мына ошондо. О, дүйнөлөрдүн Теңири, Сага алкоо!
***Бахаулла***

О, Акыйкатты издөөчү эгерде кудай сенин көзүңдү ачсын үчүн, аны эңсесең, анда сен Кудайдын суранууга, Ага сыйынууга жана түн ортосунда төмөндөгүдөй деп, Аны менен пикир алышууга тийишсиң /:
О, Теңирим, Сенин биригүү дүйнөңө карай мен өзүмдүн жүзүмдү бурдум жана Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн деңизине чөмүлдүм. О, Теңирим, ушул караңгы түндө Сенин отторуңдун көзү менен өңүмдү карап, мени каректеримди жарык кыл жана ушул ажайып кылымда Сенин сүйүүңдүн шарабы мени бакытка чулгасын. О, Теңирим, Сенин чакырыгыңды мен уккудай болоюн жана мен Сенин даңкыңдын жарыгын көрө алгыдай жана Сенин сулуулугуң менен туткундалгыдай болуу үчүн Сенин асманыңдын дарбазасын менин ажарымдын алдында ач.
Акыйкатында, Сен Белек берүүчүсүң, Мартсың, Ак көңүлсүн, Кечиримдүүсүң.
**Абдул-Баха**

### *Кудай Ишинин колдору*

Анын Иштеринин Колдоруна жарык жана даңк, таазим жана алкоо, алар аркылуу туруктуулуктун жарыгы жаркырады жана тандап алуу укугу Кудайга, Ээлик кылуучуга, Күч-кубаттуута, Тартынбоочуга таандык экендиги жөнүндөгү акыйкат бекитилди; алар аркылуу жоомарттыктын океаны толкуйт жана ар тарапта Кудайдын ак көңүлдүк ырайынын дем тартып, дем чыгаруучусу желпийт. Ылайым, Ал көкөлөп турсун, аларды Өзүнүн кошуунунун күчтөрү менен коргосун, аларды Өзүнүн бийлигинин күч-кубаты менен сактасын жана бардык жандардын жогоруураак болгон Өзүнүн кыйрагыс күчү менен, аларга

жардам берсин, - деп биз Ал үчүн сыйынабыз. Өкүмчүлүк Кудайга, көктүн Жаратуучусуна жана Ысымдар Дүйнөсүнүн Ээсине таандык.
**Бахаулла**

*Балдар жана жаштар*

О, Кудай, мени жетекте, мени сакта, мени жарык чырак жана нуру төгүлгөн жылдыз кыл. Сен Күч-кубаттуусун жана Күчтүүсүң.

**Абдул-Баха**

О, Кудай! Ушул наристени Сенин сүйүүңдүн кучагында өстүр жана Сенин Кудуретиңдин эмчегинен чыккан сүттөн бер. Ушул жаш өсүмдүктү Сенин сүйүүңдүн розалуу багында асыра жана Сенин жоомарттыгыңдын нөшөрү менен ага өсүүгө жардам бер. Аны бейпилчилигиңдин баласы кыл жана аны Сенин бейиш ээлигиңе жетеле. Сен Күч-кубаттуусуң жана Жагымдуусуң, Сен Сыйкорсуң, Айкөлсүң, эң сонун Ак көңүлдүүлүктүн Теңирисиң.

**Абдул-Баха**

О, Кудай! Ушул балдарды тарбияла. Ушул балдар-Сенин багыңдын өсүмдүктөрү, Сенин көк жайык талааңдын гүлдөрү, Сенин гүлзарыңдын розалары. Сенин жамгырың аларга жаасын: Акыйкат Күнү аларды Сенин сүйүүң менен жаркыратсын. Алар өссүн, үйрөнсүн, өнүксүн жана сымбаты келишип турсун үчүн аларды Сенин желаргың сергитип турсун.

Сен сыйкорсуң. Сен Жан тартуучусуң.

**Абдул-Баха**

О, жагымдуу Теңир! Ушул таң каларлык балдар-Сенин күч-кубаттуулугуңдун манжаларынын жаратканы жана Сенин Улуулугуңдун ажайып жышаандары. О, Кудай! Ушул балдарды сакта, алардын билим алышына ак көңүлдүүлүк менен жардам бер жана аларды дүйнө элине кызмат кылууга ылайык көр. О, Кудай! Ушул боор эт бермет маңызы, ылайым, алар Сенин назик камкордугуңдун калканычында бөпөлөнгүдөй болсун!

**Абдул-Баха**

О, Теңир! Ушул жаш жаратылышты жарык менен орунда жана ушул алсыз жанды Сенин жоомарттыгың менен сыйла. Ага билим энчиле, ар бир күндүн шоокумунда анын күчүнө күч кош жана ал адашуулардан бошонсун, өзүн Сенин Ишиңе арнасын, адашкандарды жолго салсын, бактысыздарды жетелесин, кул болгондорду куткарсын жана кош көңүлдөрдү ойготсун үчүн, ар ким Сени эске алуу жана мактоо менен бата алсын үчүн аны Сенин коргооңдун жашынар жайында сакта.

Сен Күч-кубаттуусуң жана Күчтүүсүң.

**Абдул-Баха**

О, Теңдешсиз Теңир! Ушул бечера жаратылыш үчүн жашынар жай жана ушул адашкан жана бакытсыз жан үчүн мээримдүү жана кечиримдүү Насаатчы бол. О, Теңир! Биз бардык болгону эч нерсеге жарабаган өсүмдүкпүз, бирок биз Сенин розалуу багыңа таандыкпыз. Мейли, биз жалбырактары жок көчөттөр жана ачыла элек гүлдөр гана бололу, бирок биз-Сенин гүлзарыңдын бөлүгүбүз. Ушул көк тамырды Сенин назик ак көңүлдүүлүгүңдүн булуттарынан жамгыры менен азыктандыр,жандант жана ушул көчөттү Сенин жан дүйнөңдүн жазынын жандандыруучу деми менен оңолот. Ага сезимтал, баамчыл жана нарктуу болууга мүмкүнчүлүк бер жана түбөлүктүү өмүргө анын жетүүсүн жана кылымдар бою Сенин Падышачылыгыңда болуусун ылайык көр.

**Абдул-Баха**

*Диний сапаттар*

О, айланайын Кудайым, Сенин түбөлүктүүлүгүңдүн ширин агындарынан мага даам сызууга жана о, менин үмүтүм, Сенин тиричилигиңдин дарагынын жемиштеринен даам сызууга

уруксат бер. О, мен Даңкым, Сенин сүйүүңдүн мөлтүрөгөн булактарынан мага ооз тийүүгө, о, менин Жарыгым, ,Сенин түбөлүктүү кудуретиңдин көлөкөсү алдында болууга мага мүмкүндүк бер! О, менин Сүйгөнүм, Сенин катышып отурууңда, Сага карай жакындыктын көк жайыгында мага жайбаракат басууга, ошондой эле, о, менин Эңсөөм, Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн таажылуу тактысына отурууга мага уруксат эт! О, менин Максатым, Сенин кубанчыңдын жыпар жыттуу желп эткен желинин мага жетүүсүнө жол кой, о, менин Аздектеп артык көргөнүм, Сенин тиричилигиңдин бейишинин бийиктигине карай мени кое бер! О, эң мыкты, Сенин өзөгү бирге көгүчкөндөрүңдүн обондоруна кулак төшөөгө мага мүмкүнчүлүк бер, ошондой эле, о, менин Багуучум рухуңдун күчтөрү жана кубаты менен мени жандант! О, менин Жактоочум, Сенин сүйүүңдүн рухунда мени бекемде, ошондой эле, о, менин Жараткан, Сенин ырайыңдын жолунда менин кадамдарымды чыңда! Ким мага ак көңүлдүүлүк кылса, Ошол, о, Сен, Сенин өлбөс багыңда, Сенин ажарыңдын алдында, мага кылымдар бою болууга уруксат бер, ошондой эле, Ким мага ээлик кылса, Ошол, о, Сен, Сенин даңкыңдын тактысына мени бекемде! Ким мени жандантса, Ошол, о, Сен, Сени назик камкордугуңдун асманына карай мени көтөр, Ошондой эле, Ким мени туткундап, алса, Ошол, о, Сен, Сенин жетекчилигиңдин Чырагына карай мени жөнөт! Ким менин Булагымдын жана менин Эң жогорку Эңсөөмдүн өзү болсо, Ошол, о, Сен, Сенин көрүнбөс рухуңдун Ачылышы алдында мени чакыр, ошондой эле Ким менин Кудайымдын өзү болсо, Ошол, о, Сен, Өзүң өңүнө чыгарган, Сенин сулуулугуңдун жыпар жыттанган маңызына карай менин кайрылыш баруумду ылайк көр!

Эмнени кааласаң, ошону жаратууга Сен эрктүүсүң. Сен, акыйкатында, Өтө көкөлөтүлгөнсүң, Бардыгынан даңктуусун, Бардыгынан жогорусуң.

**Бахаулла**

О, менин Кудайым, мага таза жүрөктү жарат, ошондой эле, о, менин үмүтүм, мендеги көңүлүмдүн тынчтыгын кайрадан жарат! О, менин Сүйгөнүм, Сенин рухуңдун күч-кубаты менен мени бекемде, о, мени умтулууларымдын Максаты, о, Сен, Сенин даңкыңдын жарыгы менен Сени жолуңду мага көрсөт! О, менин тиричилигимдин Башаты, Сенин ыйыктыгыңдын Асманына карай, Сенин жеңилбес күч-кубатыңдын күчү менен мени көкөлөт! О, менин Кудайым, Сенин түбөлүктүүлүгүңдүн желаргысы менен мени кайрадан кубант!

О,менин Жандоочум, ылайым, Сенин түбөлүктүү обондоруңдун бейпилчилиги мени желпип турсун, о менин, Төрөм, ылайым Сенин байыркы ажарыңдын кенчи мени Сенден бөлөк, башка бардык нерселерден калкалап турсун, ошондой эле келгендердин ичинен Эң келгени, касиеттүүлөрдүн ичинен Эң касиеттүүсү, о, Сен, ылайым, Сенин түбөлүктүү маңызыңдын ачылышы туурасындагы жагымдуу кабар мага кубаныч алып келсин.

**Бахаулла**

О, Кудай айланайын Кудайым! Адилеттүүлүктүн таажысы менен менин башымды жасалгала, ал эми менин маңдайымды саймасы менен саймала. Сен, акыйкатында, бардык белектердин жана марттыктын Ээсисиң.

**Бахаулла**

Ал Ак көңүлдүүлүктүн өзү, Бардыгынан жоомарт! О, Кудай, менин Кудайым! Сенин чакырыгың мени өзүнө тартты жана Сенин даңкыңдын Калеминин добушу мени ойготту. Сенин ыйык сөздөрүңдүн агыны мени жандантты жана шык берүүнүн шарабы менен шаттыкка бөлөдү. О, Теңирим, Сенин белектериңдин учугунан кармап, ошондой эле Сенин жыргалыңдын ажайыбына чаңкап, Сенден бөлөк, башка бардык нерселерден менин баш тарткандыгымды Сен көрүп турасың. Сенин ырайымдуулугуңдун түбөлүктүү толкундары менен жана Сенин назик камкордугуңдун жаркыраган оттору, ошондой эле Сенин ырайың, менен, - Сага карай мени эмне жакындата турган болсо, ошону мага ыраа көр жана Сенин кенчиң менен мени байыт. Менин оозум, менин калемим, менин бардык жашоом Сенин күч-

кубатың, Сенин күчүң, Сенин жыргалың жана Сенин белектериң туурасында күбө өтөт, андыктан Сен Кудайдын өзүсүң, Күч-кубаттуу, Күчтүү, Сенден бөлөк, башка Кудай жок.
О, Кудайым, өзүмдүн алсыздыгым жана Сенин өкүмчүлүгүң туурасында, өзүмдүн жардамсыздыгым жана Сенин күчүң туурасында мен азыр күбө өтөм. Мендеги жыргал эмне, ал эми куурал эмне, мен билбеймин; Сен, акыйкатында, Бардыгын билесиң, Бардыгынан акылмансың. О, Теңир, менин Кудайым жана менин Төрөм, Сенин түбөлүктүү буйругуң мен үчүн жетиштүү болгудай жаса, ошондой эле мага Сенин бардык дүйнөлөрүңдөгү гүлдөп-өсүү мага эмнени берсе, ошону мага белгиле. Сен, акыйкатында, Ак көңүлдүүсүң, Жоомартсың.
Теңир! Сенин байлыгыңдын океанынан жана Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн асманынан мени иренжитпе жана мага ушул дүйнөнү жана келечектеги дүйнөнүн жыргалын даярда. Акыйкатында, Сен тоонун чокуларында орнотулган ак көңүлдүүлүктүн тактысынын Ээсисиң; Бирдиктүү, Бардыгын жетектеген, Бардыгынан акылман Сенден бөлөк, башка Кудай жок.

**Бахаулла**

О, Теңирим! Ылайым, Сенин сулуулугуң менин азыгым, Сенин катышып отурууң-менин суусундугум, Сенин уруксатың – менин үмүтүм, Сенин алкооң-менин иштерим, Сен жөнүндө эске салуу-менин жолоочулаш жолдошум жана Сенин жогорку бийликке ээлүү Күч-кубатың – мага кол кабышың, Сенин жашаган жериң- менин үйүм, ошондой эле мага турак-жай, кимде-ким Сенден көшөгө менен калкаланып коюлган сыяктуу болсо, ошолорго коюлган чектөөлөрдөн Сен тарабынан тазаланган орун.

Акыйкатында, Сен Күч-кубатуусуң, Бардыгынан даңктуусуң жана Бардыгынан күчтүүсүң.

**Бахаулла**

О, Теңирим, айланайын Кудайым, ылайым, Сенин Ысмың даңктасын! Мен- Сенин назик ак көңүлдүүлүгүңдүн учугун кармай жана Сенин мартабалуу кийимиңдин этегин кармаган Сенин кызматчыңмын. Бардык жаратылгандарды, көрүнгөндү жана көрүнбөгөндү Сен багынткан болсоң, ошондой эле бардык жаратылгандарды жашоонун дал өзү менен бөлөгөн болсоң, ошол Сенин ысмың менен Сенден: көк менен жерди кучактап турган Сенин бийлигиң менен мени бекемде, ошондой эле ар кандай кеселден жана жөнү жок асылуудан мени сакта. Сенин-бардык ысымдардын Теңири жана Сага эмне жагымдуу болсо, ошолордун бардыгынын Орундаштыруучусу экендигиңе күбө өтөмүн. Бардыгынан күч-кубаттуу, Бардыгын жетектөөчү, Бардыгынан акылман, Сенден башка бөлөк Кудай жок.
О, менин Теңирим, Сенин дүйнөлөрүңдүн ар кандайында мага эмне пайда алып келсе, ошолорду мага жөнөт. Кимдерди Сага карата кайрылуулардан каргыш тилегендердин тилдегендери болобу, туура эмес жолдогулардын жөнү жок асылуулары болобу, Сенден чегингендердин бөлөксүнгөндүгү болобу иренжиткен болсо, ошолор, Сенин жаратkandарыңдын арасындагы тандалгандар үчүн Сен алдын ала эмнени дайындасаң, ошону мага тартуула.
Сен, акыйкатында , Сенин өкүмчүлүгүңдүн күчү менен Коркунучта Жардамчысың. Бардыгынан күч-кубаттуу, Бардыгынан күчтүү, Сенден бөлөк, Кудай жок.

**Бахаулла**

О, Теңир, жараткан Кудайым, Сен даңтуусуң! Сенин күндөрүңдөгү жашоого карай Сенин мени чакыргандыгыңа, ошондой эле Сенин Сүйүүң жана Сенин билимиң менен канышкандыгыма Сага ыраазымын. Ошол Сенин акылмандыгыңдын тунук берметтери жана сага жакын турган Сенин ошол кызматчыларыңдын жүрөктөрүнүн кенчинин көрүнүшүнүн сөз тутумдары болгон, ошондой эле Сенин асманыңдагы жана Сенин жердеги бардык жандарды Сенин “Жан тартуучу” деп аталган ысмыңдын Күндүзгү Жылдызы жаркыратып турган Сенин ысмың менен: Сенин жыргалың жана жоомарттыгына жараша, Сенин таң каларлык жана касиеттүү белектериңди мага бер, деп Сага жалбарам.

0, Кудай, кагылайын Кудайым! Сүйгөн жана назик жүрөктөргө ээ болууга жана Жогорудагы бир топ кишилерден чыга турган жетекчиликтин жарагын жер жүзүндөгү барыдк элдердин арасында тутантууга Өзүңдүн ишенимдүү кулдарыңа жардам бер. Сен акыйкатында, Күчтүүсүң, Өкүмчүлсүң, Күч кубаттуусуң, Бардыгын багынтуучусуң, Түбөлүк Сыйкорсуң, Сен акыйкатында Молсуң, Кайрымдуусуң, Назиксиң, Өтө жоомартсың.
**Абдул-Баха**

**Кудайдан келген алдын ал чийилип коюлган касиеттүү Жадыбалдардан алынган ишенимдерди таркатуу туурасында Кемелер**

О, Сен, Тендеши жок Кудай! О, Сен, Падышачылыктын Теңири! Ушул жандар-Сенин көктөгү кошуундардың. Аларга жардам бер, ар бирин миңдеген жоокерлердей болуп, Аллатааланын рухий жоокерлери менен бирдикте, Кудайдын сүйүүсүнүн жана окуусунун жардамы аркылуу өлкөлөрдүн баарын жеңип алышсын, аларга жеңиш тартуула.
О, Кудай! Аларга чөлдөрдө жана Токойлордо, өрөөндөрдө жана тоолордо, талааларда жана деңиздерде колдоочу жана таяныч бол: алар Падышачылыктын күчү жана Ыйык Рухтун деми менен өздөрүнүн ураанын чакырууга аларга ишенимдүү бол.

Акыйкатында, Сен Бардыгынан өкүмдүүсүң, Күчтүүсүң жана Күч-кубаттуусуң, Сен Акылмансың, Назар салуучусуң жана Баамчылсың.

**Абдул-Баха**

/Сыйынуу Кошмо Штаттарындагы жана Канададагы бахаилер үчүн ачылган/
Кимдер-ким кандайдыр-бир жерге Ишенимди окутуу үчүн жөнөсө, бөтөн жерлерди кыдырып жүргөн мезгилде ушул келмени күндө да жана түндө да, окугудай болсун:
О, Кудай, айланайын Кудайым! Көрүп турасың кантип мен өзүмдүн сүйүүм менен Сенин Абха Падышачылыгыңа жетүүгө умтулуп айкандыгымды ; Сени сүйүүңдүн отуна күйүп, адамзат дүйнөсүнө жетүүгө- Сенин Падышачылыгыңдын кабарчысы ушул кеңири жана учу-кыйра жок өлкөлөрдө сенден башкалардын баарынан баш тарткан, Сага гана ишенген эс алууну жана жайлуулукту унуткан, өзүнүнөн алыста жүргөн, ушул аймактага жалоочу, бир жактан келген жер менен жер болгон. Сенин бийик босогоңдун алдында кулдук урган, Сенин эң жогорку бийлигиңден баш ийген түн болобу же күүчүн болобу Сага сыйынган мен. Жер жүзүнүн чыгыш жагында, батышына сенин окууңду жаратууга жана Сенин өзүңдү мактоого жардам бер.
О, Теңир! Менин билимди бекенде ошондо баарлык күчүм менен кызмат кылууга мага ылайык көр, анан да, ушул аймактарда жалгыз жана жардамсыз мени калтырба.
О, Теңир! Менин жалгызчылыгымда Сен мени менен чогу бол жана ушул мага чочун жайда жер кыдырып жүргөндө менин жандоочум бол.
Чындыгында, Сен ар кимди, кимге эмнени кааласаң,Сага эмне ылайык келсе, ошону Сен колдоого аласың, ошентип, акыйкатында, Сен Бардыгынан Куч-кубаттуусуң, Бардыгынан күчтүүсүң.
**Абдул-Баха**

/Сыйынуу Кошмо Штаттардагы жана Канададагы бахаилер учун ачылган/
0, Кудай! О, Кудайым! Бардык өлкөлөрдү кара караңгылык кандайча каптады, кантип алар талаш-тартыштардын өртүндө алоолонууда, согуш оту менен кандай кыргын жалыны Чыгыш менен Батышты кучагына алды, көрүп турасың. Кан төгүлүүдө, өлгөндөрдүн денеси жерди каптады, салгылашуу талааларында калды
О теңир! Ушул түшүнбөгөндөрдү ая жана аларга ырайымдуулук жана кечиримдүү көз менен кара. Асман мейкинин жапкан түнөргөн булуттар чачырасын үчүн, ушул түнөргөн караңгылык тарап жана бардык өлкөлөр тынчтыктын эң сонун жарыгы менен жаркылдасын үчүн ушул отту өчүр.
О, Теңир! Аларды жек көрүүчүлүктүн жана душмандыктын айлампасынан куткар, аларды ушул өткөрбөс караңчылыктан чыгар. Алардын жүрөктөрүн бириктир жана алардын көздөрүн тынчтыктын жана ынтымактын жарыгы менен жаркырат. Аларды согуштун жана кан төгүүнүн түпсүз туңгуюгунан сууруп ал жана аларды адашуунун караңгылыгынан бошот. Алардын көздөрүнө көшөгөнү жул жана алардын жүрөктөрүн жетекчиликтин жарыгы менен жарык кыл.Алар менен Сенин адилеттүүлүгүң боюнча эмес жана андан эң эле куч-кубаттуулар да калчылдшкан Сенин каарьң боюнча эмес, а Сенин ак көңүлдүүлүгүң жана ырайымдуулугуң боюнча мамиле жаса.
О, Теңир! Согуш алигиче улантылууда. Кырсыктар жана тынчсыздануулар улам өсүүдө. ошондой эле ар кандай гулдөгөн жерлер ээн талаага айланууда.
0,Тедир! Акыйкатында,оордук адамдардын жүрөктөрүнө жүктөлдү, андыктан жана дүйнөлөргө доо кетти.Ушул бечера жандарды ая жана аларга өздөрүнүн эңсөөлөрүнүн чегине чейин жетүүгө бербе.

О, Теңир! Кимдин жүзү кудуреттин нурлада менен жаркыраса, кимдер сени эске алышса жнла адамдардын арасындагы Сенин касиеттүүлүгүңдүн жыпар жытын таркатса, ошол жоошуган жана баш ийген жандарды Сенин өлкөлөрүңө келтир.

О, Теңир! Алардын бүлчүгүн чыңда, алардын белин бек буу жана алардын жүрөктөрүн Сенин эң улуу сүйүңдүн – жышаандары мене алоолонт.

О, Теңир! Акыйкатында, алар алсыз, ал эми Сен болсо-аласың жана бийик ээсисин алар жардамсыз, а Сен болсо –Жардам берүүчүсүң жана Ырайымдуусуң.
0,Теңир! Кыжыры кайноонун океаны жаздануудa,ошондон эле ушул бороондор бардык аймакты кучагына алган Сенин чексиз ак көңүлдүүлүгүң аркылуу гана басылат.
0,Теңир! Акыйкатында, адамдар кумарлардын айлампасына калышты, андыктан аларды Сенин чексиз жоомарттыгыңдан белек эч нерсе сактап кала албайт.
0,Теңир! Бузуку кумарлардын караңгылыгын тарат жана жакынкы мезгилде ал аркылуу бардык желкелер жарык боло турган Сенин сүйүүңдүн жарыгы менен адамдардын жүрөктөрүн жаркырат. Сенин сүйгөндөрүңдүн ичинен өздөрүнүн өлкөлөрүн таштап,үй-бүлө жана балдарын калтырып жана Сенин Жыпар жытыңды таркаткыдай жана Сенин окууңду жарыялагыдай болуу үчүн Сенин Сулуулугуңа карай сүйүүнүн урматына бетен аймактар боюнча жер кесип кетишкендерди ыраста. Алардын жалгыздыгында алардын жылдыздыгында алардын жондоочусу, бөтөн жерде жардамчысы, кырсык чалганда сооротуучу, азаптардан арылтуучу бол. Алар үчүн Чаңкоосун кандыруучу жан сергитүүчү суусундук, ооруларынан сакайткан айыктыруучу дары куйкалаган ысыктан сактаган алардын жүрөктөрүнүн мүрөк суусу бол.
Акыйкатында, Сен өтө жоомартсың, ашыкча көп жыргалдын Теңирисиң, ошондой эле Сен,акыйкатында,Жан тартуучусуң жана Ырайымдуусуң

**Абдул-Баха**

Бул сыйынуу күндөлүк окуу үчүн окутуучуларга жана досторгоберилген./
О, сүүктүү Теңир! Сага алкоо, анткени Сен бизге туз жолду көрсөттүң, падышачылыктын дарбазасын ачтың Жашоонун Күнү аркылуу Өзүңдү күрсүттүң. Сокурларга Сен кжарык тартууладың , дүлөйлөргө угууну бердиң, өлүктөрдү тирилттиң, жакырларга жан тарттың, адашкандарга сен жол көрсөттүң; кимдердин эриндери, кургапкалса, ошолорду булактын башатына карай жетелеп чыгардың; чаңкаган балыкка акыйкат океанына жетүүгө уруксат бердиң, ошондой эле Сен адашкан куштарды ырайымдуулуктун розалуу бакчасына чакырдың. 0, бардыгынан куч-кубаттуу! Биз Сенин бечара кулдарыңбыз, биз сенден бөлүнүп калганбыз эми сен биз менен чогуу блолушуңа куса болуудабыз, биз сенин булагыңдын чаңкоодобуз, биз сыркоолоп сенин айыктырышыңды күтүп жатабыз. Бардык жандар: «0, Кудай, бизди түз жол менен жетеле» деп үн салышкандай болсун үчүн Сенин жыпар жытыңды таркатуудан бөлөк башка максатка жана үмүткеө ээ болбой, биз Сенин жолуң боюнча кадам таштайбыз. Ылайым, алардын көздөрү ачылсын жана жарыкты көрүшсүн, ошондой эле, ылайым, алар түшүнбөстүктүн карангылыгынан азат алышсын. Ылаыйм, алар Сенин жетекчилигиңди чырагы нын тегерегине чогулушсун.Куру калгандардын ар бири ылайым өзүнүн үлүшүн алсын.Ажырап калган ар ким,ылайым,Сенин сырларыңа аралашсын.
0,Бардыгынан куч-кубаттуу! Бизге ырайымдуулуктун көзү менен кара. Бизге көктөгү жардамды бер.Биз Сага кызмат кылууда жардам алгыдай, ошентип,жылтылдаган жылдыздар сыяктуу Сенин жетекчилигиңдин жарыгы менен ошол аймактарда жаркырап тургудай болуу үчүн Ыйык Рухуңдун деминен бизге тартуула.
Акыйкатыңда сен башкаручусуң, Күч –кубаттуусуң , Акылмансың жана Баамчылсың .
**Абдул-Баха**

**/Сыйынуу түндүк-чыгыш штаттардын бахаилери үчүн ачылган/**
(Кудайлык жыпар жыттарды таркатуучудар ар күн сайын ушул сыйынууну айткыдай болушсун);

О, Теңир, айланайын Кудайым! Сен мени сенин Падышалыгыңдын жолуна жетелеп чыгаргандыгын, үчүн ошол түз жана узунунан кеткен жол менен кадам шилтөөгө мага уруксат бергендигиң үчүн, Сенин эң сонун жарыгыңдын жайбаракат таралышы менен менин карегимди жарык кылгандыгың үчүн, менин угумумду сырлардын дүйнөсүнүн касиеттүү куштарынын

сайрашына карай бургандыгың жана менин жүрөгүмдү такыбалардын арасындагы Сенин сүйүүң менен өзүңө тарткандыгың үчүн Сага ыраазылык билдиремин.
О, Теңир! Мен элдердин арасында Сенин Ысмыңдын урматына чакыргыдай жана адамдардын арасында; Сенин Падышачылыгыңдын келгени туурасындагы кубанычтуу кабарды жарыялагыдай болуу үчүн мени Ыйык Рухуң менен колдо.

О, Теңир! Мен алсызмын , андай болгон соң, мени Сенин күч-кубатың менен чыңда.Менин тилим так эмес, андай болгон соң, Сени, эске алууга жана мактоого мага уруксат эт. Мен жалгызмын, андай болсо соң, мага ызат көрсөт жана Сенин Падышачылыгыңа мени киргиз, Мен алысмын, мага Сенин ырайымдуулугуңдун босогосуна карай жакындоого мумкүнчүлүк бер. О, Теңир! Мени жаркыраган жылдыз кыл жана жемиштери менен саймаланган жана өзүнүн бутактары менен ошол аймакты жашырган ак баталуу дарак кыл. Акыйкатында, Сен Күчтүүсүң, Күчкубаттуусуң, Тоскоолдукту билбегенсиң.

**Абдул-Баха**

/ Сыйынуу борбордук штаттардагы бахаилер үчүн ачылган/

**Ушул келмени күн сайын окуу милдетүү.**

0,Кудай! 0,Кудай!сенин алдыңда Канаты куш ушул,анын учуусу да жай;-гүлдөөнүн жана кутулуунун чокусуна карай ал уча алгыдай болсун үчүн ага жардам бер, чексиз мейкиндиктерге жогорку кубаныч жана шаттык менен анын учуусуна жол бер, Сенин эң улуу Ысмыңдын урматына анын обонун бардык аймактарга жеткир, ушул чындык менен угар кулагын жыргая жана көздөрүн жетекчиликтин жышаандарын көргөзүп жаркырат.
О, Теңир! Мен үй-бүлөөсүз, жалгыз, жетиммин. Сенин бөлөк, башка колдоо,Сенден тышкары,башка жардамчы,Сени эске албаганда, башка таяныч менде жок.Сага кызмат кылууда мага күч бер, Өзүңдүн бир топ периштелериңди мага жардамга жөнөт,Сенин Сөзүңдү жарыялоодо мага жеңишти тартуула,Сенин жаратkandарыңдын арасында Сенин акылмандыгыңды кабарлоону мага ылайык көр. Акыйкатында,Сен ушул алсызга коргоочусуң, акыйкатында, Сен Башкаруучусуң, Куч-кубаттуусуң Тоскоолдукту сезбейт элең

**Абдул Баха**

**/Келме батыш штаттардагы бахаилер үчүн ачылган/**

О, айланайын Кудайым, Сага алкоо! сенин ырайымдуулугуңдун жыпар жытына тартылган, Сенин жалгыздыгыңдын дарагында алоолонгон отунан жалындаган Сенин кулдарың ушул;алардын көздөрү Сенин жалгыздыгыңдын, Синайда жаркыраган эң соонун жарыгы менен жарык кылынган.
0,Теңир! Сенин элдериңдин арасында Сени алар эске алгыдай болсун үчүн алардын тилдерин чыгар; Сенин ырайың жана ак көңүлдүүлүгүң менен Сени алкоого аларга ылайык көр, Сенин периштелериңдин кошууну менен аларга жардам бер,Сага кызмат кылууга алардын белин бек буу жана алар-
ды Сенин жаратkandарыңдын арасындагы Сенин жетекчилигиңдин жышаандары кыл. Акыйкатында,Сен Бардыгынан күч -кубаттуусуң, өтө бийиксиң, Түбөлүк Кечиримдүүсүң, Бардыгынан ак көңүлсүң.

**Абдул-Баха**

**/ Келме Канададагы бахаилер учун ачылган/**

/Кудайдын жыпар жытын таркатуучулар ар күнү эртең менен ушул сыйынууну айтууга тийиш./
0,Кудай,айланайын Кудайым!Ушул куч-кубаты жок көктөгү күчтөрдү кан-дайча сурап жатат,ушул бечера Сенин бейштеги казыналарың туурасында кантип сыйынып жатат,ушул чаңкаган түбөлүк жашоонун башаты туурасында кандайча эңсейт ушул сыркоо Сенин Жогорку Падышачылыгыңда Сенин тандалган кулдарыңаСен кимди багыштасаң, Сенин

чексиз ак көдүлдүүлүгүң аркылуу убада кылынган айыгууну кантип тилеп жатат Сен көруп турасың.

0,Теңир! Сенден бөлөк, башка жар дамчы, Сенден тышкары, башка жашырынар жай,ошондой эле Сени эсепке албаганда башка, таяныч менде жок. Сенин касиеттүү жыпар жытыңды жеткирүүгө жана Сенин элиңдин ичиндеги тандагандардын арасына Сенин окууңду таркатууга Сенин периштелериңдин кошууну менен мага жар дам бер.
О, кагылайын Теңирим! Сенден бөлөк бардык нерселерден аша көчүүгө, Сенин жоомарттыгыңдын кийиминин этегинен бекем кармоого, Сенин диниңе баш-отум менен берилген болууга,Сага карай сүйүүдө катуу жана бекем бойдон калууга жана Сенин Китебиңде Сен эмнени буйрусаң ошолорду сактоого мени ылайык көр.

Акыйкатында, Сен башкаруучусуң, Күчтүүсүң, Бардыгынан зорсуң.

**Абдул-Баха**
**/Сыйынуу Канададагы бахаилер үчүн ачылган/**

## Уй-бүлө

О, кагылайын Кудайым, сенин Кечиримиң туурасында сыйынам, ошондой эле Сага карата кайрылууга Сенин кулдарыңа Сен кандай каласаң, ошого ылайык кечирим берүү туурасында жалынам. Сенин үстөмдүгүңө кандай кылуу тиешелүү болсо,биздин күнөөлөрүбүздү жууп, ошондой эле мени,менин ата-энемди жана ким Сенин пикириңде Сенин чексиз бийлигиңе туура болгондогудай жана Сенин көктөгү күчтөрүңдүн даңкына ылайык келгендегидей Сенин сүйүүңдүн имаратына кирсе,ошолорду да кечирип коюңуду сурап Сага сыйынам.

О, кагылайын Кудайым! Сага карай өзүмдүн сыйынууларымды айтууга менин жан дүйнөмдү Сен шыктандырдың,ошентин, Сен болбогон кезде,мен Сага карай чакырылмак эмесмин. Сен улуусуң жана даңктуусуң; мен Сага алкоо айтамын,анткени Сен мага ачылдыд, андыктан мени кечир деп, сыйынам, анткени Сени таанып-билүү милдетин аткаруу мага жетишпейт жана Сенин сүйүүңдүн жолунда мен көп нерселерге жетише алган жокмун.

**Баб**

Ата-энелер үчүн О, Теңир! Ушул эң улуу Осуятта алардын ата энелери үчүн балдардын сыйынууларын кабыл аласың.Ушул Осуяттын өзгөчө сансыз белектеринин бири ушундай.0шондуктан,о,жакшылыктуу Теңир, Сенин жалгыз жашаган босогоңдун жанындагы Сенин кулуңдун суранычын кабыл ал жана анын атасын Сенин ак көңүлдүүлүгүңүн океанына чөгөр,анткени ушул уулу Сага кызмат кылууга көтөрүлдү жана Сенин сүйүүңдүн жалгыз аяк жолунда ар кандай сааттарда тырышчаактыгын көрсөтүүдө.

Акыйкатында, Сен Сыйкорсуң, Кечиримдүүсүң, Жакшылыктуусуң.

**Абдул-Баха**

## Күйөөлөр үчүн

О,Кудай, айланайын Кудайым! Сага ушул күн аял Сага ишенип,өзүнүн жүзүн Сага карай буруп,Сага жалынат,ошондой эле ага Сенин Рухий жоомарттыгыңды берүүнү, анын алдында Сенин Рух сырларыңды ачууну жана ага Сенин Маңызыңдын жарыгын төгүүнү сурап сыйынат.

0, айланайын Теңирим! Менин күйөөмдүн көздөрүнө көрүүнү бер. Анын жүрөгүн Сен жөнүндөгү билимдин жарыгы менен кубант, анын акыл-эсин Сенин нурланган сулуулугуңа карай тарт, анын рухун Сенин анык улуулугуңдун ачылышы менен көтөр.

О, кагылайын Теңирим! Анын карегинен көшөгөнү түшүр. Ага Сенин мол жоомарттыгыңды төк, аны Сага карай сүйүүнүн шарабы менен мас кыл, аны ким буттары жерди таканчыктап, ал эми жаны жогорку асманда кайкып учса,ошону Сенин периштелериңдин

биринен кыл. Ылайым, ал Сенин элиңдин арасында Сенин акылмандыгыдын жарыгын шоолanткан, апачык чырак болуп калсын.

Акыйкатында, Сен Баалуусуң,Түбөлүк Бөлүштүрүүчүсүң,Жоомарт,Сый-корсуң.

**Абдул-Баха**

**Келечектеги энелер учун**

Менин Теңирим! Менин Теңирим! Сени алкайм жана Сен жоош күң аялды, Сага сыйынып жана суранып жаткан күңдү эмне менен сыйласаң , ошол үчүн ыраазылык билдирем, анткени, акыйкатында,Сен аны өзүңдүн анык Падышачылыгыңа жөнөттүң, ага ушул шарттуу дүйнөдө Сенин Жогорудагы Чакырыгыңа назар салууну бердиң жана бардык жандуунун үстүннөн Сенин жеңишт ү ү чексиз укуктуу өкумчүлүгүңдүн келе жатышы туурасында күбө өткөн Сенин жышаандарыңды көрүүгө ылаиык көрдүң.

О, айланайын Кудайым,мен өзүмдүн койнумда эмнени көтөрүп жүрсөм,ошону Сага арнайм. Ага,Сенин ак көңүлдүүлүгүң жана жоомарттыгыңа жараша,Сенин Падышачылыгыңда татыктуу жана бактылуу бала болууну бер,ал Сенин насаатыңдын көлөкөсү алдыңда өсүп жатат жана өсө берсин.Акыйкатында, Сен жыргалсың! Акыйкатында,Сен улуу Ак көңүлдүүлүктүн Теңирисиң!

**Абдул-Баха**

**Жыйындар**

О, Теңир, айланайын Кудайым.Сен даңктуусуң! Сенин жыргалыңдын учкул шамалы менен жана Ким Сенин ойлогон оюңдун Таңынын жана Сенин шыктандырууңдун шоокумунун маңызы болсо,0шолор менен: мага жана ким Сенин жоомарттыгыңа жана ак көңүлдүүлук жыргалыңа эмне ылаиык келсе жана Сенин белектерине жана жакшылык иштериңе эмне татыктуу болсо, ошолорду Сенин ажарыңдан издесе, ошолордун бардыгына төмөн жөнөт,-деп Сага сыйынам. О, айланайын Теңирим, мен кедеймин жана жалгызмын,-мени Сенин байлыгыңдын океанына чөгөр; мен чаңкап жатам-Сенин камкордугуңдун жандантуучу сууларыңан ичүүгө мага уруксат бер.

Сенин Маңызың менен жана Сенин Маңызыңдын жана көк менен жердин бардык тургундары үчүн Сенин кыл көпүрө кыямат Сөзүңдүн Келгени болуга Сен Кимди дайындасаң, 0шону менен:Сенин жакшылыктуу өндүрүшүңдүн Дарагынын көлөкөсү алдында Сенин кулдарыңды бирге чогулт,-деп
Сага сыйынам.Аларга анын жемиштеринен даам сызууга жана анын жалбырактарынын дирилдегенине жана анын бутактарында сайраган Куштардын ширин добушуна карай кулак төшөөгө аларга жардам бер.

Сен, акыйкатыңда, Коопсуздукта Жардамчысың,Кол жеткиссиң,Бардыгына| куч-кубаттуусуң, Ашыкча жоомартсың.

**Бахаулла**

0,Сен, ак көңул Кудай! Ким күч-кубаттуу жана күчтүү болсо, ошол, о, Сен! О, Сен, бардык жакшылыктын Атаеы! Бирге чогулушкан ушул кулдарың Сенин босогоңо карай жалынып, Сенин улуу эңсөөңдөн Сенин аягы жок ак көңүлдүүлүгүңдү каалап,Сага карай кайрылышат. Адамдар дүйнөсүнө кызмат кылуудан бөлөк, аларда башка ниеттер жок.

О, Кудай! Ушул жыйынды шоолалуу кыл. Жүрөктөрдү Ырайымдуу кыл. Ыйык Рухтун белектерин төмөн жөнөт. Аларды көктөгү күч менен үлүшта. Аларга көктөгү акыл-ой менен ак батаңды бер. Алар толук жоошуп жана өтө өкүнүчтө Сенин дүйнөңө карай кайрылгыдай жана өзүн адамдар дуйнүсүнө кызмат кылууга арнагыдай болсун үчүн алардаты айыйкатчылыкты чыңда.Ылайым, ар ким жанып турган чырак болуп калсын.Ылайым,ар ким жылтылдаган жылдыз болуп жансын.Ошондой эле Кудайдын Падышачылыгыңда ар ким таң каларлык түскө жана мас кылган жыпар жытка ээ болсун.

О, жакшылыктуу Ата! Сенин ак батаңды төмөн жөнөт. Биздин жеткиликсиздигибизди жек көр. Бизди Сенин коргооңдун алдында жашыр. Биздин кү-

нөөлөрүбүздү эске алба. Бизди Сенин ак көңүлдүүлүгүң менен айыктыр. Биз алсызбыз, Сен күч-кубаттуусуң. Биз кедейбиз, Сен-байсың. Биз сыркоо-буз, Сен-Дарыгерсиң. Биз жакырчылыктабыз, Сен-Ашыкча жоомартсың.

О, Кудай! Бизди Сенин кудуретиң менен үлүштө. Сен куч-кубаттуусуң, Сен Сыйкорсуң. Сен Жыргалсың.

**Абдул-Баха**

О, жакшылыктуу Теңир! Бул жолугушууга чогулушкан, Сенин Падышалыгыңа кайрылышкан жана Сенин белектериңе жана Сенин ак батаңа муктаж Сенин кызматчыларың ушул. О, Кудай! Жашоонун бардык маңыздарында жыйынтыкталган Сенин бирдигиңдин белгилерин ач жана көрсөт.Ушул адамзат маңызында Сен кимди кепилге алсаң жана жашырып койсоң,жакшылыктуу жактарды келтир жана кайры.,

О, Кудай! Биз-өсүмдүктөр өндүүбүз,ал эми Сенин жоомарттыгың жамгыр сыяктуу; ошол өсүмдүктөрдү оңолт жана аларга Сенин белектериң менен өсүм бер. Биз-Сенин кулдарыңбыз; бизди турмуш тиричиликтин чынжырынан бошот. Биз түркөйлөрбүз-бизге акылмандыкты бер. Биз өлүүбүз-бизди тирилт.Биз буюмдатабыз-бизди рух менен үлүштө. Биз бардык нерседен Куру калгандарбыз-бизге Сенин сырларыңды багышта.Биз жакырчы лыктабыз-Сенин чексиз казынаңдан бизди байыт жана ак батаңды бер. О,Кудай!Бизди кайрадан жарат;бизге көрүүнү бер,бизге угууну бер,ушул дүйнөнүн тиричилигинде биздин алдыбызда Сенин дүйнөңдүн сырлары ачылсын ушун жана Седин жалгыз табиятыдды таанығыдай болсун үчүн жашоонун сырларына карай бизди катыштыр.Ар кандай белек Сенден чыгат; ар кандай жакшылыктуу иш Сенден болот.

Сен куч-кубаттуусуң.Сен күчтүүсүң.Сен Сыйкорсуң,Сен Түбөлүк Жоомартсың.

**Абдул-Баха**

0, Кудурет!Бул жерде Сенин сулуулугуңа карай тартылган жана Сенин сүйүү отуңдун кучагына камтылган Сенин досторуң чогулушту. Ушул жандарды көктөгү периштелерге айландыр, аларды Сенин Ыйык Рухуңдун деми менен кайрадан жарат, аларга кызыл тилдүү оозду жана кебелбес жүрөктү тартуула, аларга көктөгү күчтү жана ырайымдуу сезимди төмөн жөнөт, аларды адамзат тукумунун бирдигинин өкулдөрү жана Акыйыкат Күнүнүн нурлары алдында түркөйлүү түшүнүктөрдүн түнөргүн караңгылыгы таркасын жана ушул күңүрт дүйнө жарык болсун, ушул буюмдата дүйнө рух дүйнөсүнүн жаркырагын өзүнө тартып алсын, шул ар кандай түстөр бирдей түскө кошулушсун жана алкоо обондору Сенин ыйыктыгыңдын журтуна көкөлөсүн үчүн адамдар дуйнөсүндөгү сүйүү менен ынтымактын куралы болууга ылайык көр. Сен, акыйкатында, Бардыгына бийлигиң бар,Бардыгынан куч -кубаттуусуң.

**Абдул-Баха**

## Осуяттагы туруктуулук

Ал Куч-кубаттуунун өзү, Кечиримдүү , Бооркер!

0,Кудай,айланайын кудайым! Сенин кулдарын курмандыктын жана адашуунун туңгуюгуна кандайча келишкендигин Сен керуп турасың; -0,Сен,кудуреттүң тынчтыктын Эңсөөсү,Сенин Кудайлык жетекчилигиндин жарыгы кайда? Алардын жардамсыздыгы жана алсыздыгы Сага белгилүү, -көктөгү жана жердеги бийлик Өзүңдүн колусунда турса, о Сен! Сенин ой күч кубатың кайда?

О, Теңир, айланайын Кудайым! Сенин назик камкордугуңдун Шамдарынын жалтылдоосу менен, ошондой эле Сенин билимиңдин жана акылмандыгыңдын океанынын толкундары, анан Сенин дүйнөңдөгү элдерди сен эмне менен башкарасың,ошол Сенин Сөздөрүң менен, -Сенин Китептериңдин буйруктарын ким сактаса, мен ошолордун бири болуп калууга уруксат эт,-деп Сенден сурайм. Сенин белектериңдин чөйчөгүнөн Кудайлык

шыктандыруунун шарабыннан даам татышкандарга жана Сага жакканды жаратууга жана. Сенин Осуятың менен Сения Керээзиңди сактоого шашылышкандарга,ушуларга, Сенин ишенгендериң үчүн, Сен эмнени багыштасаң, ошолорду мен үчүн багышта. Сен өзүңдүн эркиң боюнча бардыгын жүзөгө ашырууга Сенин бийлигиң ба. Бар-дыгын жетектөөчү, Бардыгынан акылман Сенден белек, башка Кудай жок.

0, Теңир, Сенин ак көңүлдүүлүгүңө жараша,мага бул дүйнөдө жана келечектеги дүйнөдө эмне жардам берсе жана ар кандай адамдын Теңиринин өзү Ким болсо, Ошого карай мени жакындатса, Ошону мага буйу. Бирдиктүү, Күч-кубаттуу, Даңктуу, Сенден бөлөк, башка Кудай жок.

**Бахаулла**

О, айланайын Теңирим жана менин Умүтүм! Сенин күчкубаттуу Осуятыңда туруктуу болууга,бардыгына белгилүү Сенин Ишиңе ишенимдүү болуп калууга жана Сенин Улуулук Китебиңде аларга Сен эмнени жөнөтсөң,ошол на-сыяттарды алар жетекчиликтин" туусу жана жогорудагы бир топ адамдардын Чырагы, Сенин чексиз акылмандыгыңдын булактары жана жогору асмандан жар кырап, туура жол боюнча жетелеген жылдыздары болуп калсын үчүн аткарууга Сенин сүйгөндөрүңө жардам бер.
Сен, акыйкатында, Жеңилбессиң,Бардыгынан куч-кубаттуусуң жана Бардыгынан күчтүүсүң.
Абдул-Баха
О, Теңир,кагылайын Кудайым! Сенин Ишениминде туруктуу болууга,Сенин жолуң менен басууга жана Сенин Ишинде кебелбеетикти сактоого Сенин сүйгөндөрүңө жардам бер.Өзүң өзү сүйүүчүлүктүн жана кумарлардын кысымы алдында аларга туруштук бере алгыдай жана Кудайлык жетекчиликтин жарыгын ээрчии алгыдай болсун үчүн Сенин жыргалыңды аларга төмөн жөнөт. Сен күч-кубаттуусуң, Ырайымддусуң, Өзүң жаралгансың, Айлакерсиң, Жан тартуучусуң, Бардыгынан куч-кубаттуусуң, Бардыгынан жоомартсың.

**Абдул-Баха**

### Кудайым Ишинин салтанаты

О, Теңир кагылайын кудайым, ылайым, Сенин Ысмың даңктана берсин! Караңгылык ар кандай өлкөнү каптады, козголоңдун күчтөрү бардык элдерди кучагына алды. Ошентсе да, аларды тепчий өтуп, мен Сенин акылмандыгыңдын жарк этүүсүн көрүүдөмүн жана Сенин алдын ала чийгениңдин ачык жарыгын ажыратуудамын.
Сенден алыстаган ошол адамдар көшөгө сыяктуу Сенин жарыгыдңды өчүрүп, Сенин отуңду басып жана Сенин жыргалыңдын шамалын токтото алабыз деп ойлошту. Бирок анте алышпады-ушунда да, Сенин күч-кубатың мага күбө болду. Качандыр-бир кезде ар кандай кырсыктар Сенин акылмандыгыңдын жол көрсөткүчү жажа ар кандай оор сыноолор-Сенин кудуретиүдин куралы болбосо, эч ким бизге каршылык кылууга, мейли, а түгүл жерде- ги жана көктөгү бардык күчтөр бизге каршы аттанып чыгышпасын, батына алышмак эмес. Мен мага ачык көрүнгөн Сенин акылмандыгыңдын ажайып сыр ларын ачкан кезде Сенин душмандарыңдын башкаруу тизгининин быт-чытын чыгарып талкаламак.
О, айланайын Кудайым, Сен ушундай эле даңктуу бол! Сенин Эң улуу Ысмын менен: Сенин ырайыңдан сызылып аккан Мыйзамдын тегерегине Сага ашык болгондорду чогулт, андыктан аларга алардын жүрөктөрүндөгү ише-нимдүүлүккө эмне уяласа, ошону аларга жөнөт.
Сен эмнени кааласаң аны сенин жүзөгө ашырууга бийлигиң бар. Сен, акыйкатында Коптуулукта Жардамчысың, Өзүң жаралгансың.

**Бахаулла**

0,Теңир! Сенин кудайлык Бирдигиңдин Дарагынын тез өсүмүн бер;
О,Теңир,Сенин ырайымыңдын сууларынын агыны менен аны сугар жана ага Сенин Кудайлык жардамыңдын ачылыштарынын катышуусунда Сени даңктоо жана көкөлөтүү үчүн,Сени алкоо жана Сага ыраазылык билдируу учун Сен кандай жемиштерди алып келүүнү кааласаү, ошону

бер; Сенин Ысмыңды көкөкөлөтүүгө, Сенин Маңызыңдын бирдигин мактоого жана өзүнүн аздектөөсүн Сага алып келүүгө ага мүмкүнчүлүк бер, анткени ушулардын бардыгы, башка эч кимдин эмес, Сенин колуңда.
Сен кимдердин каны менен Сени жарыялоонун Дарагын сугарууну тандап алсаң, ошолорго жана Сенин ыйык жана бузулгус сөзүңдө көкөлөткөндөргө ак батаң улуу.
**Баб**

**Кыйынчылыктар жана сыноолор**

Кимдин сыноолору, Сага эмне жакын болсо, ошолор үчүн айыктырар каражаттын маңызы. Кимдин кылычы-ким Сени сүйсө, ошолордун бардыгынын казуу эңсөөсү, Кимдин жебеси-Сага куса болгондордун жүрөктөрүнүн эң кымбат каалоосу, Кимдин буйругу-Сенин акыйкатыңды тааный тургандардын жападан жалгыз үмүтү болсо,ошол,о,Сен! Менин Кудайлык шириндигиң менен жана Сенин ажарыңдын даңкынын улуулугу менен: Сага карай жакындоого бизге эмне уруксат берсе, ошону Сенин тоолук тургундарыңдан бизге төмөн жөнөт, - деп Сага сыйынам. О, айланайын Кудайым, Сенин Ишиңде биздин тамандарыбызды чыңда, биздин жүрөктөрүбүздү Сенин билимиңдин жаркырашы менен агарт жана Сенин ысымдарыңдын жарыгы менен биздин жан дһйнүбһздү жаркылдат.
**Бахаулла**

0, Теңир, айланайын Кудайым, Сага даңк! Ар кандай баамчыл адам Сенин үстөмдүгүңдү жана Сенин өкүмчүлүгүңдү тутунушат,ошондой эле ар кандай көрөр көз Сенин улуулугуңдун жогорулугун жана Сени күч-кубатыңдын багындыруучу күчүн ажырата билет. Сыноолордун шамалы ким Сага карай жакындыкты, Сенин даңкыңдын асман мейкинине карай өзүнүн жүзүн буруунү ылайык көрсө, ошолорго жолтоо болууга алсыз,ошондой эле азгырыктардын бороону,ким Сага,Сенин сарайыңа жетүүгө баш-оту менен берилген болсо,ошолорго тоскоолдук кыла албайт.
Ырас, Сага карай сүйүүнүн чырагы алардын жүрөктөрүндө алсолонуу-да, ошондой эле Сенин назиктигиңдин жарыгы алардын көкүрөктөрүндө болбулдапп жанууда! Кырсыктар, аларды Сенин Ишиңден алыстатуу күчүндө эмес ошондой эле тагдырдын оомалуу-төкмөлүүлүгү аларды Сен каалагандан бурулууга мажбур кыла албайт.
0, айланайын Кудайым, алар учун жана кимдердин жүрөктөрү Сени менен ажырашуусунда азап тартса, ошол үшкүрүүлөр үчүн: аларды Сенин душ-мандарыңдын каарынан сакта жана алардын жан дүйнөлөрүн, кимдерди кор-кунуч кучагына ала албаса жана кимдер азапка дуушар болбогон болсо, ошол Сенин сүйгөндөрөң үчүн Сен эмнени багыштаган болсоң,ошолор менен азыктандыр.
**Бахаулла**

0, кагылайын Кудайым,ь мага ар тараптан азаптардын жабылгандыгы бүтүндүй толугу менен Сага белгилүү жана Сенден белек,эч ким аларды кубалоого жана жеңил чыгууга күчү келбейт.Сага карай менин сүйүүмдүн аркасында мен-акыйкатында-бактысыздык адамды жүдөтсүн үчүн, эгерде эле Сен анын абалын Сенин асмандагы Бейишке көкөлөтүү жана бул дүйнөнүн убаракерчилигине карай ийилбегидей болсун үчүн Сенин бардыгын жөңүүчү күчүң менен аны коргоп, ушул жердеги турмушта анын жүрөгүн чыңдоо ниетинде болбосоң, Сен эч качан ага жол бербейсиң. Акыйкатында, ар кандай шарттарда, көктө жана жерде эмне болсо, бардыгын ээлөөдөн мурда мен жакшысы Сени - эске алууну бөпөлөй тургандыгым Сага белгилүү.
0, айланаыйн Кудайым, Сага башымды ийүүдө жана Сага болгон сүйүүдө менин жүрөгүмдү чында жана Сенин душмандарыңдын тобунан тышкары калууга мени ылайык көр.Акыйкатында,Сенден белек, мен эч нерсеге умтулбайм, Сенин ак көңүлдүүлүгүңдөн бөлөк,эч нерсени каалабайм,ошондой эле Сенин адилеттүүлүгүңдөн белек, эч нерсени кабыл албайм,-деш,Сенин даңкың менен ант берем. Мени жана Сен кимди

сүйсөң,ошолорду,эгерде Сенин эркине туура келсе, кечир, деп Сага сыйынам. Акыйкатында, Сен Бардыгынан күч-кубаттууң, Бардыгынан жоомартсыд.
0, көк менен жердин Теңири,бардык адамдардын алкоосунда Сен чексиз көкөлөдүң; андыктан, ылайым, Сенин ишенимдүү кулдарыңа тынчтык боло берсин, ал эми Кудай, бардык дүйнөлөрдүн Теңири, ылайым, даңктала берсин.
**Баб**

**Маркумдар тууpaсында**

(Маркумду жайга коёр адыңга окулуучу жаназа)
« Маркумдудар боюнча сыйыну 15 жаштан жогору бахаилер окуга тийиш. Дан жалгыз биргелешип окуучу милдеттүү сыйынусу: аны дигчилердин ичинен бирөөсүгана окуйт, бул учурда катышип отургандардын бардыгы үндөбөй турушат. Бахаулла… аны окуу маркумду көмүүдөн мурда болуп өтүүгө тийиш жана аны окуунун учурунда Кыбланы карай бурулуунун зарылдыгы жок экендигин көрсөтөт"/Китаб-и-Агдастан алынган, 10-экс./
О, айланайын Кудайым! Ушул Сенин кулуң жана Сага жана Сенин аятына ишенген жана Сенден башкалардан барынан Сага карай жүзүн бурган Сенин Кулуңдун уулу. Акыйкатында сен кайрымдулулар болуп саналгандардын бардыгынын ичинен Сен өтөө кайрымдуусуң.

Ким адамдардын күнөөлөрүн кечирсе жана Сенин жоомарттыгыңдын асманына жана Сенин жыргалыңдын океанына ылайык келген сыяктуу алардын кылык-жоруктарын жашырса, ошол О, Сен! Аны менен ошондогудай мамиле жаса, Жер менен көктүн жаратылышына негиз салган өзүңдүн карамагына кабыл ал. Түбөлүк кечиримдүү, Өтө жоомарт, сенден бөлөк, Кудай жок.

Мындан кийин сыйынууну окуучу алты ирет: “Алла-у-Абха” сөзүн кайталагыдай болсун, андан сон төмөнкү саптагы ырлардын ар бирин он тогуз жолу кайталайт.

Биз бардыгыбыз, акыйкатында, Кудайга табынабыз.
Биз бардыгыбыз, акыйкатында, Кудай алдында жүгүнөбүз
Биз бардыгыбыз, акыйкатында, Кудайга берилгенбиз
Биз бардыгыбыз, акыйкатында, Кудайды даңазалайбыз
Биз бардыгыбыз, акыйкатында, Кудайга ыразылык билдиребиз

Биз бардыгыбыз, акыйкатында, Кудайга шүгүр, сабыр кылабыз. /Эгерде жаназа маркум аялга окулуп жатса, окуучу: « Бул өз күнүң күнүңдүн кызы деп келип анан андан кийки сөздөр окулат» /
Бахаулла
0, Теңир, айланайын Кудайым , Сен даңктуусуң! Ылайым, Сенин маанисин эч качан жоготпогон бийлигиңдин күчү менен кииди көкөлөтсөң, ошону Сен басынтпайсың, ошондой эле Сенин түбөлүктүүлүгүңдүн жайына кирүүнү Сен кимге ылайык көрсөң,ошону Өзүңдөн алыстатпайсың.0, айланайын Тецирим, Сенин Өкүмчүлүгүң менен Сен кимди оюңа алсаң., ошондон Сен ырас эле аза кече-сиңби,ошондой эле,о,менинЭңсеем,Сен кимге жашырынар жай болсоң, ошону четке түртүп чыгарасыңы? Кимди көкөлөтсөң, ошону Сен төмөн таштаба же Сенин эске алууга кимге уруксат берсең, ошону уланта аласыңбы?
Сен даңктуусуң, ченемсиз даңктуусуң Ким байыркы замандан бери бардык жаратылгандардын Падышасы жана анын Баштапкы Кыймылдаткычы болсо, Ошонун өзү, Сен, андыктан кылымдар бою Сен бардык жаратылгандардын Орноштуруучусу жана Теңири болуп кала бересиң. О, кагылайын Кудайым, Сен даңктуусуң! эгерде Сенин кулдарыңды Сен Өзүңдүн ак көңүлдүүлүгүңдөн ажыратсаң, анда аларга карай ким ак көңүлдүүлүгүн көрсөтөт? Ошондой эле эгерде Сенин сүйгөндөрүңдү Сен колдоодон ажыратсаң, анда аларга жардамга ким келет?

Сен даңктуусуң, ченемсиз даңктуусуң! Сенин акыйкатыңа Сен ашыксың, андыктан Сага биз бардыгыбыз табынабыз; Сенин адилеттүүлүгүң менен Сен Келгенсиң, андыктан биз, бардыгыбыз, акыйкатында, Сен туурасында күбө өтөбүз. Сен, акыйкатында, Сен туурасында күбө өтөбүз. Сен, акыйкатында, Сенин ырайымдуулугуңда сүйкүмдүүсүң. Коркунучта Жардамчы, Өзү жаралган Сенден бөлөк Кудай жок.

**Бахаулла**

Ал Кудайдын өзү, көкөлөтүлгөн, ырайымдуулуктун жана жоомарттыктын Теңири!

О, айланайын Кудайым, Бардыгынан күч-кубаттуу Теңир, Сен даңктуу бол! Мен Сенини бардыгынан күч-кубаттуулугуң жана Сенин күчүң, Сенин өкүмчүлүгүң жана Сенин сүйкүмдүү камкордугуң, Сенин ак көңүлдүүлгүң жана Сенин бийлигиң, Сенин жападан жалгыз Жандыгың жана Сенин бөлүнгүс Маңызың, дүйнө тиричилигинин үстүндөгү жана анда эмне болсо, ошолордун бардыгынын үстүндөгү Сенин ыйыктыгың жана көкөлөгөндүгүң жөнүндө күбө өтөмүн.

О, менин Кудайым, Сени бекем кармап, Сенден бөлөк, бардык нерселерден менин аша кечкендигим жана Сенин жоомарттыгыңдын океанына карай, Сенин ырайыңдын асманына карай жана Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн Күндүзгү Жылдызына карай өзүмдүн жүзүмдү бургандыгымды Сен көрүп турасың.

Теңир! Мен Сенин кулуңду Сенин Ишенимиң менен Сенин үлүштөгөнүңөн жана дүйнөгө жашоону Сен кимге берсең, ошол Рухтун өзү экендигине күбө өтөмүн.

Сенин Ачылышыңдын Жарыгынын эң сонундугу менен – ал Сенин күндөрүңдө эмнеге жетишсе, ошонун бардыгын андан изги ниет менен кабыл ал, -деп Сенден сурайм. Сенин Ырайыңдын даңкынан алууга жана Сенин жагымдуулугуң менен жасалгалануууну ага ылайык көр.

О, айланайын Теңирим! Бардык жаратылгандар менен Сенин күч-кубаттуулугуң туурасында мен күбө өтөмүн жана Сенин көктөгү журтуңда, Сенин жогорудагы бейишиңде, Сенин жакындыгыңдын турагында, о, Сен, бардык адамдардын Теңири, Сага карай көкөлөтүлгөн ошол рухту четке түртпө, - деп Сага жалынамын!

О, айланайын Теңирим, кимдин же калеми, же тили баяндап берүүгө күчү келбеген Сенин көктөгү журтуңда болуп, Сенин тандалмаларың, Сенин касиеттүүлөрүң жана Сенин элчилериң менен пикир алышууга Сенин уруксат эт.

О, айланайын Теңирим! Ушул байкуш, акыйкатында, Сенин молчулугуңдун Падышачылыгына, ушул жолоочу- Сенин чектериңдеги өзүнүн үйүнө, ушул чаңкоочу – Сенин жоомарттыгыңдын көктөгү агынына умтулду. О, Теңир, Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн тоюндагы үлүштөн жана Сенин жоомарттыгыңдагы белектерден аны айырба. Сен, акыйкатында, Бардыгынан күч-кубаттуусуң, Ак көңүлсүң, Өтө жоомартсың.

О, кагылайын Кудайым! Сенин Ишенүүң Сага кайтарылган эле. Жердеги жана көктөгү Сенин ээлигиңди кучагына алуу, Сага келгендерге Сенин белектериң менен, Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн дарагынын сыйлыктары жана жемиштери менен үлөштүрүү Сенин ырайымдуулугуң жана Сенин жоомартыгыңа ылайык келет! Сенин эркиң боюнча жүзөгө ашырууга Сенин бийлигиң бар; Ырайымдуу, Бардыгынан жоомарт, Жан тартуучу, кайымдуу, Кечиримдүү, Сүйүктүү, Бардыгын жетектөөчү Сенден бөлөк, Кудай жок.

О, айланайын Теңирим, адамдарга меймандарына сый көрсөтүүгө Сен эмнени жазсаң, ал эми ким Сага карай көкөлөсө, ошол, акыйкатында, Сага жеткендигине жана Сенин Катышып отурууңа ээ болгондугуна күбө өтөмүн. Алар менен Сен ак көңүлдүүлүгүң жана жоомарттыгыңа жараша мамиле кыл! Сенин улуулугуң менен ант берем, Сенин кулдарыңдан Өзүң эмнени жазган болсоң, ошону Сенин токтотпой бере тургандыгыңды, ошондой эле Ким Сенин жоомарттыгыңдын учугунан кармап алса жана Сенин молчулугуңдун Күндүзгү Жарыгына карай көкөлөсө, ошону куру кайтарбастыгыңды накта мен билемин. Бирдиктүү, Жападан жалгыз. Күч-кубаттуу, Бардыгын жетектөөчү, Бардыгынан жоомарт Сенден бөлөк, Кудай жок.

**Бахаулла**

О, айланайын Кудайым! О, Сен! Күнөөлөрдү кечирген ырыскы жөнөткөн кырсыктан арылткан Кудурет.

Акыйкатында, Сага сыйынып келме келтирген: өз денесин таштап жан учуп кеткен Маркумдардын күнөөлөрүн кечир.О, кагылайын Теңирим! Аларды күнөөдөн тазалап, алардын кайгы-капасын кубалап, Алардын караңгы түнүн жарык кыл. Алар бакыттын

бейиштин бакчасына кирсин, рахым туптунук мөлтүр сууга чайка ошондо, алар эң бийик чокудан Сенин эң сонундугуңду көрүшсүн!

**Абдул-Баха**

О, айланайын Кудайым! О, жараткан Теңир! Мына Сенин алдында Сенин кулуң, Сенин Улуу жаратылышыңдын артыкчылыгыңа моюн сунган, Сенин бирдик дарбазаңдын алдында баш ийип жүгүнгөн, Акыйкатта Сага жана Сенин ырларыңа ынанды, Сенин сүйүүңдүн оту менен жалындады, Сенин билимдериңдин океанынын терегиңе чөктүү, Сенин желаргыӊ мене алагды болду, Сага ишенди, Сага карай өзүнүн жүзүн бурду, Сага карай өзүнүн сыйынуулардын көкөлөттү жана Сенин кечиримиңе жана кечирим берүүңө көзү жетти. Ал ушул аасыз жашоону калтырды жана Сени менен жолугууга үмүт артып, өлбөстүктүн Падышачылыгына карай кайкып учту.
О, Теңир, анын абалын жогорулат, Сенин эң улуу ырайымдуулугуңдун чатырында аны жашыр, ага Сенин таң калтырган Бейишиңе кирүүгө уруксат бер жана сырлардын дүйнөсүндө ал жарыктын деңизинде чөгөрүлгөн болсун үчүн Сенин көкөлөтүлгөн розалуу багыңдагы анын тиричилигин түбөлүккө калтыр.
Сен, акыйкатында, Жоомартсың, Күч-кубаттуусуң, Кечиримдүү жана Сыйкорсун.

**Абдул-Баха**

О, Сен, кечирүүчү Теңир! Башка жандар өздөрүнүн жашоосунун күндөрүн билбестиктен өткөрүшкөн, бөлөксүнтүлүп жана ээн баш болуп калган болсо да, баары бир Сенин кечириминдин океанынын бирдиктүү толкуну кимде-ким күнөөлөргө чулганган болсо, ошолордун бардыгын бошотот. Сен кимди кааласаң, Сенин ишенимдүүң болот, ал эми кимдер-бирөөлөр Сен тарабынан тандалбай-күнөөлүүлөрдүн катарында саналат. Качандыр бир кезде Сен бизди Сенин адилеттүүлүгүңө жараша соттогон болсоң, биз бардыгыбыз Сенден ажыроо кызматын өтөгөн күнөөлүүлөр аталып калар элек, бирок Сен качандыр-бир кезде Сенин ырайымдуулугуңдун көрсөткөн болсоң, ар кандай күнөөкөр тазаланар жана ар кандай бөлөксүнтүлгөн дос болуп калар эле. Ошондуктан бизге Сенин кечириминди жана кечирим берүүңдү тартуула жана бизди Сенин ак көңүлдүүлүгүң менен жылмайт.
Сен Кечиримдүүсүң, Жарык берүүчүсүң, Бардыгынан күч-кубаттуусуң.
**Абдул-Баха**

### Эртең менен

О, айланайын Кудайым, аман-эсен түкөчүңдөн ойгондум; ким ушул Сенин түнөгүңдүн тапсаң ал коргогон Сыйынуучу жайда. О, Теңир, Сенин аян берген тан кудуң делебимди байкашкан сыяктуу ачылышыңдын жаңкы жарыгы, жай дүйнөмдү жаркыраттын.

О, менин Кудайым, Сага алкоо айтамын, анткени менин уйкумдан Сен мени ойготтуң, ошондой эле менин жоголуп кетүүмдөн кийин мени кайрадан тургуздуң, анан да, менин үргүлөөмдөн мени тугуздуң. Ушул таңда ойгонуп, Сенин белгилериңди таанып, Сенин Китебиңе ишенип, Сенин Учугуңду бекем кармап, Сенин күчтөрүңдүн жана Сенин Ачылышыңдын Күндүзгү Жылдызынын жаркырашын карай мен өзүмдүн жүзүмдү бурдум. Сенин эркиңдин күч-кубаты жана Сенин ойлогон оюңдун бардыгын багындыруучу бийлиги менен: менин түшүмдө мага Сен эмнени көрсөткөң, ошондон Сага карай сүйүүнүн мекендеген сүйүүнү, ошондой эле Сенин жыргалыңдын жана назик камкордугуңдун белгилерин көрсөтүү үчүн өтө мыкты куралды жарат.

О, кагылайын Теңирим, Сенин өтө көкөлөтүлгөн Калемиң менен ушул дүйнөнүн жана келечектеги дүйнөнүн жыргалчылыгын мага буюр. Бардык нерселердин тизгинин Сен Өзүңдүн колуңда кармап тургандыгыңа күбө өтөмүн. Сен аларды, Сен каалагандай алмаштырасың. Күчтүү, Ишенимдүү Сенден бөлөк Кудай жок.

Ким Өзүнүн буйругу боюнча кемсинүүнү даңка, ошондой эле алсыздыкты-күчкө, каруусузду – күч-кубатка, коркунучту – бейпилчиликке, шек саноону-аныктыкка айландырса, Ошонун өзү Сен. Күч-кубаттуу, Жакшылык кылуучу, Сенден бөлөк Кудай жок.

Сени ким издесе, Сен эч кимдин көңүлүн калтырбайсың, Сага карай ким умтулса, Өзүңдөн эч кимди түртө салбайсың. Сенин жоомарттыгыңдын асманына жана Сенин белектериңдин океанына эмне ылайык келсе, ошону мен үчүн жаз. Сен, акыйкатында, Бардыгынан күч-кубаттуусуң, Өтө күчтүүсүң.

**Бахаулла**

**Алкоо жан ыраазылык**

О, айланайын Кудайым, ар кандай алкоо, ылайым, Ким ар кандай даңктын жана улуулуктун, күчтүн жана сыймыктын, өкүмчүктүн жана үстөмдүктүн көкөлөөчүлүктүн жана жыргалдын, кастарлоонун жана бийликтин Башаты ошол, Сага буйурсун. Кимди кааласаң, ошону Сен эң улуу Океанга карай жакындатасың, ошондой эле кимге кааласаң, ошону Сен эң байыркы Ысмыңды билүү сыймыгын тартуулайсың. Көктө жана жерде эмне болсо, ошолордун ичинен эч кимиси Сенин өкүмчүлүк Эркиңди аткарууга каршы тура албайт. Бардык жаратылгандарды Сен түбөлүктүү башкарасың жана кылымдардан кылымдарга бардык жаратылгандарга Өзүңдүн үстөмдүгүңдү созосуң. Бардыгынан күч-кубаттуу, Өтө көкөлөтүлгөн, Бардыгынан күчтүү, Бардыгынан акылман, Сенден бөлөк, башка Кудай жок.

О, Теңир, алар Сени көрө алгыдай болсун үчүн, Сенин кулдарыңдын жүзүн жарык кыл; алар Сенин асмандагы ырайыңдын сарайына карай кайрыла жан Ким Сенин Келишиңдин жана Сенин Маңызыңдын Чыгышынан өзү болсо, Ошону тааный алгыдай болсун үчүн алардын жүрөктөрүн тазала. Акыйкатында, Сен бардык дүйнөлөрдүн Теңирисиң. Чеги жок, Бардыгын багындыруучу, Сенден бөлөк, Кудай жок.

**Бахаулла**

О, Теңир, айланайын Кудайым, ылайым, Сенин ысмың даңктангандай болсун! Кимге бардыгы табынышса, Ошол Сенсиң, Сен эч кимге табынбайсың; бардыгынын үстүнөн үстөмдүк кылсаң жана эч кимге кызмат кылбайсың; Сен бардыгы жөнүндө билесиң жана Өзүң эч кимге белгисизсиң. Сен жөнүндө адамдардын билүүсүн Сен кааладың, ошондуктан Сенин оозуңдун бирдиктүү Сезү менен Сен аралуунун келип чыгышын буйрудуң жана Сен Ааламды жараттың. Дүйнөнү бычып-тигүүчү, Жаратуучу, Бардыгынан күч-кубаттуу, Бардыгынан күчтүү Сенден бөлөк Кудай жок.

Сенин Эркиңдин асман мейкининде жаркыраган Сөз менен, Сенин тандалгандарыңдын жүрөктөрүн Сен жанданткан жана мен ар кандай мезгилде бардык шарттарда Сага карай менин жүзүмдү бүт бойдон бура алгыдай болуу үчүн, Сени кимдер сүйсө, ошол жандарды кайрадан жараткан жандантуучу суулардан мага ичүүгө уруксат эт, - деп Сага сыйынам.

Сен күч-кубаттын, молчулуктун жана даңктын Кудайысың. Башкы Өкүмдөр, Бардыгынан даңктуу, Бардыгын жетектөөчү Сенден бөлөк, Кудай жок.

**Бахаулла**

О, Теңир, айланайын Кудайым, Сен даңктуусуң! Сага ыраазылык билдиремин, анткени Сен мага Сенин Өзүңдүн Келишиңди таанууга уруксат бердиң жана Сенин душмандарыңдан мени алыстаттың, ошондой эле Сенин күндөрүңдөгү алардын кылган күнөөлөрүн жана кара санатайлык иштери менин көздөрүмдүн алдында ачтың, аларга болгон ар кандай кыйбастыктын мени куткардың, анан да, мага Сенин жыргалыңа жана Сенин жоомарт ак көңүлдүүлүгүңө баш-отум менен кайрылууга мүмкүнчүлүк бердиң. Дагы бир жолу Сага ыраазылыгымды билдиремин, себеби ишениминен тайыгандардын азгырыгынан жана диңге ишенбегендердин жолдон чыгаруучулугунан мени ушунчалык агарткан, Сага карай мен бүткүл жүрөгүм менен умтулган жана Сенин ажарыңдын жарыгын ким четке какса, ошолордон качкан, ошол Сенин эркиңдин булуттарынан мага Сен жөнөттүүң. Ошентип, карайдан Сага ыраазылык билдиремин, анткени Сага карай сүйүүдө туруктуу

болууга, ошондой эле Сага алкоо айтууга, анан да, Сенин жакшылыктуу иштериңди ырдоого мага күч бердиң жана бардык көрүнгөн жана көрүнбөгөндөрдөн артыкчылык кылган Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн чөйчөгүнөн ичүүгө мага уруксат эттиң.

Сен Бардыгынан күч-кубаттуусуң, Өтө көкөлөтүлгөнсүң, Бардыгынан даңктуусуң, Бардыгын сүйүчүсүң.

**Бахаулла**

О, Теңир, айланайын Кудайым, Сен даңктуусуң! Сен, акыйкатында, Падышалардын Падышасысың, Сен кимге кааласаң, бийлик тартуулайсың, ошондой эле кимди кааласаң, бийликтен ажыратасың. Сен кимге кааласаң, көкөлөтүң, ошондой эле кимди кааласаң, төмөндөтөсүң. Сен кимге кааласаң, жеңиш тартуулайсың, ошондой эле кимди кааласаң, маскаралык болууга алып келесиң. Сен кимге кааласаң, байлык тартуулайсың, ошондой эле кимди кааласаң жакырчылыкка туш кыласың, Өзүңдүн эркиң боюнча ар кимге Сен жеңиш тартуулайсың. Сен кимдин үстүнөн болгон үстөмдүктү кааласаң, ошол үстөмдүктү кимге кааласаң, ошого тартуулайсың. Сен Өзүңдүн колуңда бардык дүйнө жаратылышын кармап турсың, андыктан Өзүңдүн өкүмчүлүк буйругуңдун күчү менен Сен кимди кааласаң, ошону жашоого алын келесиң. Акыйкатында, Сен Бардыгын жетектөөчүсүң, Бардыгынан күч-кубаттуусуң, күчтөрдүн Теңирисиң.

**Баб**

О, айланайын Кудайым, ар кандай улуулук жана даңк, ар кандай үстөмдүк, жарык, шаан-шөкөт жана жарк этүү Сага таандык. Кимге кааласаң, өкүмчүлүктү Сен ошого тартуулайсың. Кимден кааласаң, аны тартып аласың. Бардыгына ээлик кылуучу, Өтө көкөлөтүлгөн Сенден бөлөк Кудай жок. Сен жок жерден Ааламды жана андагы бардык жандарды жаратасың. Сенин Өзүңдөн бөлөк, Сага татыктуу богудай эч нерсе жок, - Сенден тышкары бөлөк, Сага татыктуу болгудай эч нерсе жок, - Сенден тышкары бөлөк бардыгы, Сенин ыйык катышып отурууңа маңызы катардан чыккандар жана Сенин Жашооңдогу даңктын алдында таптакыр санда жоктор гана.

Ырас, Сенин нарктуулугуңду, алар Сенин Өзүңдүн тарабынан Сенин салмактуу Китебиңде айтылгандагыга караганда, Сен: “Ага каректер жетпейт, бирок Ал каректерге жетет. Ал Көрөгөч, Баамчыл.” / Куран 6:103/деп айткандагыдан бөлөкчө менин айта алганым жок. О, айланайын Кудайым, Сага даңк, анткени, чындыгына келгенде, эч кандай акыл –эс же көз караш, ал кандай гана курч жана сезимтал болбосун, а түгүл Сенин белгилериңдин ичинен өтө эле мааниси жок нерселердин табиятына да жетпейт. Акыйкатын да, Сен Кудайдын өзүсүң, андыктан Сенден бөлөк Кудай жок. Бир Сен гана Өзүңдүн сапатыңды жүзөгө ашыра ала тургандыгына, Сенден бөлөк эч кимдимн алкоосу Сенин ыйык сарайыңа жете албай тургандыгына жана Сенин сапатыңа Сенден тышкары эч ким түшүнө албай тургандыгына күбө өтөмүн.

Сага даңк-Сен, Сенин Өзүңдөн тышкары кимдир-бирөөлөрдүн баяндоолорунан өтө жогору көкөлөтүлгөнсүң, анткени Сенин нарктуулугуңду тиешелүү түрдө мактоо же Сенин Маңызыңдын өтө терең табиятын түшүнө билүү адамзат акыл-эсинин мүмкүнчүлүктөрүнөн өтө жогору. Сенин жараткандарың Сени баяндасын же Сенин Өзүңдөн бөлөк, башка кимдер-бирөө Сени таанысын үчүн Сенин даңкың ылайык келбейт. О, айланайын Кудайым, Мен Спни таанып-билдим, себеби Сен Өзүң жөнүндө мага билдирдиң, андыктан качандыр-бир кезде Сен Өзүң мага келбесең мен Сени таанып-билмек эмесмин. Мен Сага табынамын, анткени Сен мени Өзүңө карай чакырдың, андыктан качандыр-бир кезде Сенин чакырыгың болбосо, мен Сага табынмак эмесмин. О, айланайын Кудайым, Сен даңктуусуң; мени айыптарым оор, андыктан менин күнөөрүм өтө чоң. Сенин ыйык катышып отурууңда менин көргүлүгүм ошончолук маскаралуу болуп калат. Сен мага Өзүңдүн кандай келтирсең, ошондой ченемде мен Сени таанып-биле алганым жок; Сенин чакырыгыңа татыктуу берилгендик менен мен Сага табына алганым жок; мен Саг баш ийе албадым, анткени Сен мени шыктандыргандагыдай Сенин сүйүүңдүн жолу боюнча жүргөнүм жок.

О, айланайын Кудайм, Сага эмне ылайыктуу болсо, ошол жандуулар түшүнүүгө чебер аракет кылышкандыктарынан бардыгынан ченемсиз улуураак жана бийигирээк мага Сенин күч-кубатың күбө өтөт. Акыйкатында, ошол Сага татыктуу боло, тургандай, Сага эч ким түшүнө албайт, андыктан жүгүнүүчү жандын эч кимиси, ушул Сенин эң сонундугуңа ылайык келгенден Сага жүгүнө албайт. О, кагылайын Кудайым, ар кандай жан эмнени баяндаса, ошондон жогору экендигинин ошончолук жеткиликтүү жана бардыгын камтыган далил баган Сенин белектериндин төгүлүшүнүн ошончолук молдугу.

О, айланайын Кудайым! О, менин Төрөм! Сенин көп түрлүү жоомарттыгың жана Сенин даңкыңдын тактысы кимдерге негизделип жатса, ошол Сенин мыктыларың менен: ушул туруму жок жашоонун сыноолорун баштан кечирүүдө жана андан алда канча азыраак жазанын оордугу алдында чыдоодо, Сенин адилеттүүлүгүңдүн боюнча кимдерге таңууланса, анан ал Сенин колдооңдон улам чыкса жана ал түбөлүк болсо, кимдер күчсүздүк кылышса, ошол момун жандарга карай кайрылыш, -деп мен Сага жалбарам.

О, айланайын Кудайым, менин Төрөм жана менин Өкүмдарым, Сенин Өзүң менен-, мен үчүн тур, - деп мен Сага сыйынам. Мен Сенин адилеттүүлүгүңдөн Сенин ырайымдуулугуңа карай качтым. Өзүмдү жашыруу үчүн мен Сенин жана кимде-ким көз ирмемде да Сенин жолуңдан кайтпаса, ошолорду, Сенин жыргалыңдын жана жоомарттыгыңдын белгиси катарында жаратылууну Сен кимдер үчүн жараттың, ошолорду гана издем жүрөм.

## Хукукулла

О, менин Жан тартуучу Теңирим, Сен даңктуусуң! Сенин ыйык сөз тутумдарыңдын океанынын добушу менен, ошондой эле Сенин жогорку өкүмчүлүгүңдүн көп түрлүү жышаандары менен, Сенин Кудайлыгыңдын бардыгын багындыруучу күбөлүгү менен, анан Сенин Билимиңде тыянакталган касиеттүү сырлар менен, - Сенин ак көңүлдүүлүгүң боюнча, Сага кызмат кылууга жана Сенин тандаганың болууга мага уруксат бер, ошондой эле Сенин Китебиңде осуятталган Сенин Хукукуңду урмат менен айта келүүнү чечип бер, - деп мен Сага сыйынам.

О, Теңир, ким Сенин даңк дүйнөңө сүйүүсү артып кирсе жана Сенин жоомарттыгыңдын кийиминин этегинен бекем кармаса, ошол мен. О, Ким бардык жандын Теңиринин өзү жана Падышачылыктын Ысымдарынын Өкүмдары болсо, ошол, Сен,- Сен эмнеге ээлик кылсаң, ошондон мени айырба, ошондой эле Сенин тандалган кызматчыларың Үчүн Сен эмнени багыштасаң, ошондон мени куру калтырба, - дер Сенден суранам.

О, бардык ысымдардын Теңири жана асмандарды Жаратуучу, жарыкчылыктын убаракерчилиги мени жамынчы сыяктуу ороп албагыдай болсун үчүн, ошондой эле Сенин күндөрүңдө Сенин элиңди жолдон чыгарууну ойлошкон кара санатайлар тарабынан көтөрүлгөн жаалданган дүрбөлөң мага жолтоо болбогудай болсун үчүн Сенин Ишиңде туруктуу болууга чыңдоочу жыргалың менен мага жардам бер, - деп Сага сыйынам. О, менин жүрөгүмдүн Эңсөөсү, ушул дүйнөнүн жана келечектеги дүйнөнүн жакшылыгын мен үчүн аныкта. Акыйкатында, Сенин эркиң боюнча жаратууга Сенин бийлигиң бар. Түбөлүк Кечирүүчү, Өтө жоомарт, Сенден бөлөк Кудай жок.

**Бахаулла**

## Адамзат

Кимге табынсам жана Кимди аздектесем, ошол, менин Кудайым! Сенин бирдигиң жана Сенин жалгыз жашагандыгың жөнүндө мен күбө өтөмүн жана өткөндө кандай болсо, учурда да, дал ошондой Сенин белектериңди тааныймын. Сен-Бардыгынан жоомартсың, Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн көнөктөгөн жамгыры жогоруда жана төмөндө бирдей жаады, Сенин жакшылык тилеген шаниң тил алчаактар жана баш ийбестерге айтылды.

О, ак көңүлдҮүлҮктүн Кудайы, ак көңүлдүүлүктүн бардык маңызы Анын эшиги алдында жүгүнүштү, Анын Ишинин сыйынуу үйү анын өтө касиеттүү рухунда ырайымдуулук менен курчалды.- Сенин эселтеден берки түбөлүктүү жыргалыңа карай жалынып, Сен тиричилик дүйнөсүнүн бардык көрүнүштөрүнүн Үстүнөн ак көңүлдүүлүк кылган жана Сенин күндөрүңдө Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн төгүлүшүнөн ажыратпаган соң, Сенин учурдагы ырайыңды талап кылып биз Сага сыйынабыз.

Биз бардыгыбыз бечера жана байкушпуз, Сен, акыйкатында, Бардыгына ээлик кылуучусуң, Бардыгын багындыруучусуң, Бардыгынан күч-кубаттуусуң.

**Бахаулла**

О, Кудай, айланайын Кудайым! Сенин жыргалың мага кайрат берди, ал эми Сенин адилеттүүлүгүң менин жүрөгүмдү түшүрдү, кутумду учурду. Кимге Сен Өзүңдүн жыргалыңды бөлүштүрүп берсең, ошол, ошондой эле ким Сенин адилеттүүлүгүңдү башынан кечирип, ошол азап тартса, ал бактылуу.

Теңир! Мен Сенин адилеттүүлүгүңдөн кечтим жана Сенин жыргалыңды издеп жатам, мен өзүмдүн жүзүмдү Сенин каарыңдан ала качтым жана Сенин кечиримиң жөнүндө сыйынам. Мен Сенин күчүң менен, Сенин өкүмчүлүгүң менен, Сенин даңкың жана Сенин ырайың менен: бардык жандар Сенин колуң менен жасагандарды келтире, Сенин күч-кубатыңдын сырларын ача жана Сенин билимдериңдин жарыгын келтире алгыдай болсун үчүн Сенин билимдериңдин жарыгы менен адамзатка шоокумуңду чач-, деп Сага жалбарам.

Ким бардык жаратылгандарды жарыкка келүүгө буйруса жана аны Сенин камкордугуң жана Сенин кудуретиң менен шоокумдантса, Ошол Сен.
Сен бардыгынан жоомартсың, Ажарлуусуң.

**Бахаулла**

О, Теңир! Жер жүзүндөгү бардык адамдарга, жаратылгандын бирөөсү да; Сенин ырайыңдын чектеринин сыртында калбагыдай болсун үчүн, Сенин Ишенимиңдин Бейиш Багына жетип алууга уруксат бер.

Байыркы замандардан бери Сен эмнени эңсесең, ошону Сен жарата алдың, ошондой эле Өзүңдүн каалоң боюнча бардыгынан өтүп кеттиң.

**Баб**

О, жакшы ниеттүү жараткан! Сен бардык адамзатты бир тамырдан чыгардың. Сен бардыгын бирдиктүү бир үй-бүлөгө таандык экендигин аныктадың. Сен барда Сенин бардык кулдарыңдын негизи өзүңүкү, бүтүндөй адамзат тукуму Сенин Башпаанаңдан баш калкалар жай табышты, бардыгы Сенин Жоомарт Жайыл дасторхонуңа чогулушту, ошондой эле бардыгы Сенин Кудуреттүү Жарыгыңдын шоокумуна бөлөнүштү.

О, Кудай! Сен бардыгына мээримдүүсүң, Сен бардыгына кайрымдуусуң, бардыгын кымтылайсың, бардыгына өмүр тартуулайсың. Бардыгына Сен талант жана жөндөм Үлөштүрдү, ошондой эле бардыгы Сенин Ырайымдуулугуңдун океанына чөгөрүлүштү.

О, жакшылыктуу Теңир! Бардык элди бириктир, Ылайым бүткүл жер жүзү-бүткүл элдин бир Үйүндөй болуп, элдер бирин-бири бир үй-бүлөдөгүдөй санашсын бардый диндер макулдукка келип, бир динге бириксин да бардык элдер бир элге кошулсун, Ылайым, алар бирге эң сонун ынтымакта жашашсын.
О, Кудай! Элдердин бirимдигинин туусун көкөлөт.
О, Кудай! Улуу тынчтыкты орнот!
О, Кудай, бардык жүрөктөрдү бирге байла.
О, Кудай, о, ак көңүлдүү Ата! Биздин жүрөктөрүбүздү Сенин сүйүүңдүн жыпар жыты менен кубант! Биздин көздөрүбүздү Сенин жетекчилигиңдин жарыгы менен шоокумдант! Биздин кулагыбызды Сенин Сөзүңдүн музыкасы менен жыргат жана биздин бардыгыбызды өзүң өндүргөндөрдүн маанегине калкала.

Сен кудуреттүүсүң жана кубаттуусуң, Сен күнөөлөрдү кечиресиң; адамдар жеткилбеген болсо, Сен көүүлгө албайсың.

**Абдул-Баха**

О, жакшылыктуу Теңир! О, Ким жоомарт жана Жан тартуучу болсо, ошол Сен! Биз Сенин босогоңдун кулдары Сенин ак Көңүлдүүлүгүңдүн көлөкөсү алдында чогулдук. Сенин Өндүргөнүңдүн Күнү бардыгынын Үстүнөн жаркырап турат, ошондой эле Сенин ырайымдуулугуңдун булуту бардыгына төгүлүүдө.Сенин белектериң бардыгын кучагына алат, Сенин Кудуретиң бардыгын чыңдайт, Сенин колдоочулугуң бардыгын шыктандырат, Сенин жакшылык тилөөчүлүгүңдүн нурлары бардыгын шоокумдантат.

О, Теңир! Бизди Сенин аягы Үзүлбөгөн белектериң менен Үлүштө, ошондой эле, ылайым, Сенин жетекчлигиңдин жарыгы жаркырай берсин. Көздөрдү жарык кыл, жан дүйнөнү кубант жана жүрөктү рух менен демдент.

Аларга түбөлүктүү өмүрдү тартуула. Сенин билимдериңдин дарбазасын ач, ошондой эле, ылайым, ишенимдин жарыгы жаркылдасын. Сенин жоомарттыгыңдын көлөкөсүнүн алдында бардык адамдарды чогулт жана алар күндүн нурларына бир океандын толкундарына, бир дарактын жемиштерине окшоштурулгандай болсун үчүн аларды бирдикке карай алып кел. Ылайым, алар бир агындан ичишсин. Ылайым, бир желаргыдан сергисин. Ылайым, жарыктын жана жашоонун бир башатынан жарык алышсын.

Сен Сыйкорсуң, Ырайымдуусуң, Бардыгынан күч-кубаттуусуң.

**Абдул-Баха**

Кудайдын бардык достору… алардын салымы кандай гана жумуну болбосун, бардык мүмкүн болгон жоомарттык менен садага берүүгө тийиш. Кудай жандууга анын алынан ашкан түйшүктү тарттырбайт. Садага бардык борборлордон жана бардык динчилерден келип түшүүгө тийиш.… О, Кудайдын Достору! Ушул садагалар Үчүн сыйлык силердин айыл чарбаңар, силердин өнөр жайыңар жана силердин соодаңар көп эсе өсүм менен,ырыскылуу белектер менен жана жоомарттыктар менен ак бата бериле тургандыгына ишенимдүү болгула. Ким бир ырыскылуу иш кылса, ал он эсе сыйлык алат. Ким Анын жолуна Өзүнүн байлыгын чыгымдаса, ошолорду Жашоочу Теңир абдан көп колдойт.

О, Кудай, айланайын Кудайым! Сени акыйкат сүйгөн маңдайды жаркырат, ошондой эле аны периштелериңдин жеңиштүү кошуундары менен колдо. Сенин түз жолуңда алардын тамандарын чыңда, ошондой эле Сенин эзелтеден берки түбөлүктүү жоомарттыгың боюнча алардын алдына Сенин ырайымдуулугуңдун дарбазасын кенен ач, анткени аларды Сен эмне менен Үлүштөгөн болсоң, ошону алар Сенин Диниңди сакташып, Сен жөнүндөгү эске алууну Үмүт кылышып, Сага карай сүйүү урматына өздөрүнүн жүрөктөрун садага чабышып, чыгымдашат, ошентип, Сенин сулуулугуңа таң калышып жана Сага жагынууга умтулушуп жатышат, алар эмнеге ээ болушса, ошолорду кармана алышпайт.

О, менин Теңирим! Аларга убада кылынган тиешелүү нерсенин жана ак ниет сыйлыктын, мол, Үлүшүн даярда. Сен, акыйкатында, Азыктандыруучусуң, Жардам берүүчүсүң, Жоомартсың, Жакшылыксың, жана Түбөлүк Сыйкорсуң.

**Абдул-Баха**

## Атайын келмелер

### Нике

Бахаи ишениминдеги нике эки тараптын баш кошуусуна жана жубайлардын чын сүйүүсүнө негизделет. Ошондой болсо да, алар эң эле этияттыкта бири биринин мүнөзү менен таанышууга тийиш. Алардын түбөлүктүү баш кошуусу бекем милдеттенме менен бекемделген болууга тийиш; ынтымакташууну, жолдошчулукту, биримдикти чыңдоого жана түбөлүктүү жашоого ээ болууга карай умтулуу зарыл.

**Абдул-Баха**

Никеге чейин жубайлардын ата-энеси да алардын баш кошушуна макулдугун бериш керек. Колукту тарабынан Үзөнчө жана күйөө тарабынан өзүнчө экиден аз эмес күбөлөрдүн катышып отуруусунда кабыл тутуп айтыла турган, жергиликтин Диний Жыйын тарабынан жактырылган никенин анты Китаб-и-Агдастан / Өтө Ыйык китептен\ алынган төмөндөгү аят:

«Акыйкатында, биз бардыгыбыз Кудайдын эрки менен болобуз.»

Анын өзү Сыйкор, Өтө Жоомарт! Ылайым, Түбөлүктүү Түштө жашоочу өзгөрүлбөсө чексиз кудайга алкоо! Ал жеке бирөө акыйкатында, Жалгыз, Чексиз, Көкөлөтүлгөн. Биз, акыйкатында, Өзүнүн Бирдигин ырастаган, Өзүнүн бөлүнбөстүгүн тааныткан, Андан бөлөк Кудай жок экендигине күбө өтөбүз. Ал эчким жетпес өз улуулугунун туу чокусунда бардык элдин эсинде, эскерүүсүндө жаркырап, түбөлүк жашап турат.

Ал адамдарга жыргал каалап, кайрым кылгысы келгенде аларга эреже, жол-жобо, мыйзамдарды ачкан, алардын ичинене Ал нике кыюу мыйзамын айрыкча аныктады, аны бакыт сепилиндей бекемдеп, Асмандан жөнөткөн .Анын Өтө ыйык Китебиндеги ыйык аяттар аркылуу мына муну буюрду бизге. Улуунун улуусу, даңктуунун даңктуусу Ал мындай дейт: « О, адамдар, Менин кулдарымдын арасында Мени эскере турган перзент туулсун, ал үчүн Үйлөнгүлө, никеге тургула; ушунун өзү Менин силерге айткан насияттарымдын бирдей силер үчүн жардам болсун, аны жолдогула».

**Бахаулла**

Ал Кудайдын өзү! О, Салыштырылгыс Теңир! Сени бардыгын камтыган акылмандыгыңда ушул опаасы дүйнөдө муундар бирин бири алмаштыра албагыдай болсун үчүн жана кылымдар бою, дүйнө жашап жаткан соң, алар Сенин бирдигиңдин босогосунун жанында кызмат кылууда жана табынууда, аздектелүүдө жана алкоодо жүрсүн үчүн Сен адамдардын эр-катын болуучулугун алдын ала жаздың. « Алар Мага табынгыдай болсун үчүн гана Мен рухтарды жана адамдарды жараттым» / Куран:51-56 /. Ошондуктан Сенин сүйүүңдүн уясынан ушул эки кушту Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн асманында нике кыйып кой жана ушул сүйүүнүн эки деңизинин кошулуусунан назиктиктин толкуну көтөрүлсүн жана укум-тукумдун таза жана кайырлуу берметтерин жашоонун жээгине алып чыксын үчүн аларды ашып-ташыган ак көңүлдүүлүктүн тартылуу түйүнү кыл. « Алар жолугушсун үчүн, ал эки деңизди бошотту. Алардын ортосунда алар өтө алгыс тоскоолдук бар. Силердин Теңириңердин жакшылыктуу иштеринин ичинен кайсынысын силер жалган деп эсептейт элеңер? Алардын экөөсүнөн улуу жана кичүү берметтер чыгышат. « /Куран: 55: 19-22/

О, Сен, жакшылыктуу Теңир! Ушул баш кошууга маржан жана берметтерди жаратууну бер. Сен, акыйкатында, Бардыгынан Кудуреттүү, эң улуусуң, Түбөлүк кечиримдүүсүң!

**Абдул-Баха**

О, айланайын Кудайым, Сага даңк! Акыйкатында, ушул Сенин кулуң жана ушул Сенин күңүң Сенин ырайымдуулугуңдун көлөкөсү алдында жолугушту жана Сенин жакшылык тилөөчүлүгүң жана шаан-шөкөтүң менен биригишүүдө . О, Теңир! Сенин ушул дүйнөңдө жана Сенин Падышачылыгыңда аларга жардам бер жана Сенин белектериң жана Сенин жыргалың аркылуу бардык жакшылыктарды алар үчүн аныкта. О, Теңир Сенин бийлигиңдин алдында аларды бекемде жана Сага кызмат кылууда аларга жардам бер. Сенин дүйнөңдө Сенин Ысымдарыңдын белгилеринен болуп калууга аларга уруксат бер жана ушул дүйнөдө жана келечектеги дүйнөдө соолубай турган Сенин белектериң менен аларды корго.

О, Теңир! Алар Сенин ырайымдуулугуңдун Падышачылыгы жөнүндө сыйынышат жана Сенин жападан жалгыздыгыңдын Падышачылыгы туурасында жалынышат. Акыйкатында, Сенин осуяттарыңды угууда алар ширелише калышат. Аларды өмүрлөрүнүн аягына чейин ынтымактын жана биримдиктин жышаандары кыл. Акыйкатында, Сен бардыгынан кудуреттүү, Бардыгына жетимдүү бардыгын бийлиген бир өзүңсүң

**Абдул-Баха**

## Киринди күндөр

«Айям-и-Ха»Бахаи календарындагы Мүлк /Үстөмдүк/ жана Ала /Көкөлөтүлгөндүк/ айларынын 26-февралдан тартып 1-мартка чейинки, аралыгы- Орозого карата даярдык көрүүнүн күндөрү, меймандостуктун, кайрымдуулуктун жана белектер берүүнүн мезгили болууга тийиш.

Кагылайын Кудайым, Менин жанган Отум жана менин Жарыгым! Мына Өзүңдүн Китебиңде жазылган Айам-и-Ха күгдөнү мына башталды, о, ысымдардын окумдары Сенин жаратуу дүйнөңдө бардык жандар үчүн тутууга туура келген Сенин улуу Калемиң менен алдын ала жазылган Орозо жакындап калды.
О, айланайын Теңирим, ушул күндөндүн урматына жана өз учурунда ушул Сенин осуяттарыңдын учугуна жармашкан жана Сенин буйругуңдун жыгачын кармашкан бардык ошол адамдардын урматына, -ар бир жанга Сенин сарайыңдын чектеринде орун берилгидей болсун үчүн жана Сенин ажарыңдын эң сонун жарыгы пайда болгон учурда орун берилгидей болсун үчүн уруксат эт, - деп Сага сыйынам.

О, кагылайын Теңирим, алардын бирин да, бузуку шык, Сен Өзүңдүн Китебиңде эмнени жазып жөнөтсөң, ошондой баш тарттыра албаган Сенин кулдарың мына. Алар Сенин Ишиңдин алдында жүгүнүштү жана Сенде ал кандай жаралса, ошондой чечкиндүүлүк менен Сенин Китебиңди кабыл алышты, ошондой эле аларга Сен эмнени буйрусаң, бардыгын карманышты, анан да, Сен тарабынан эмне жөнөтүлсө, ошону жолдоону артык көрүштү.

О, айланайын Теңирим, алар эмнени тааныгандыгын жана Сенин жазмаларыңда Сен эмнени ачсаң, ошону кабыл алып, бардыгы тобо кылышкандыгын Сен көрүп турасың. О, аларга ичүүгө жана Сени менен жолугушууда тандалган шараптан даам татса, ошого эмне таандык болсо, алар үчүн тиешелүүсүң аныкта.

О, Падышалардын Падышасы, басынгандарга Жан тартуучу; ушул дүйнөнүн жана келечектеги дүйнөнүн жакшылыгын алар үчүн аныкта,- деп Сага сыйынам. Сен тарабынан жаратылгандардын ичинен эч ким эмнени ача албаса, ошону да, аларга батышта, ошондой эле Сенин кимдер тегеректешсе жана Сенин дүйнөлөрүңдүн ичинен ар кандайында Сенин тактыңдын тегерегинде жүрүшсө, аларды ошолордун катарында сана.

Сен, акыйкатында, Бардыгынан кудуреттүү, Бардыгынан кабардар, Бардыгын жетектөөчүсүң.

**Бахаулла**

## Орозо

Бахаилердин орозосу Бахаи календарынын Ала/Көкөлөтүлгөндүк/ айы ичинде, марттын 2 синен тартып 20 сын кошо эсептегенде тутулат.

О, Теңир, айланайын Кудайым, Сага алкоо! Ким тарабынан карангылык жарылыкка айланса, эл катышчуу каситеттүү жайды курса. Илим менен сабатты чыгарган, түрмөктөлгөн жазуу буйрук окулган зор. Ачылышын менен, - бизге Сенин аяныңды жөнөт. Өзүңдүн кудуреттүү Атак даңкыңа көкөлөп барып, арам сана күмөн ойдон арылып, көңүлдүн датын кетирүүгө рахым эт. Бир негиздүү уюткуңдун чайырына ишемсиз пенделер кирбесин.

О, айланайын Теңирим, Ким Сенин кең пейилиңдин босогосун бек кармап, өзүңдүн жылуу меримиң менен жыргалыңа малкыган болсо ошол мен. Мага жана менин сүйгөндөрүмө ушул дүйнөнүн жана чын дүйнөнүн жыргалын бер. Өзүң тандап жараткандарга сырдуу тартууңан бер.

Мына, айланайын Теңирим. Өз кулдарыңа буйрук кылган орозо күндөрү Өзүңдөн башкаларга баарынан толук бойдон баш тартып, бүт дитин Өзүңө берсең, орозону бек кармагандар бактылуу жандар. Айланайын жараткан Өзүңө моюн сунуп, Өзүңдүн буйргуңду угуп жолуңду жолдоого мага жана аларга жардам кыл. Акыйкатты тандасаң ошону жүзөгө ашырууга Өзүңдүн эркиң.

Бардыгын жетектөөчү, Бардыгынан акылман, Сенден бөлөк, башка Кудай жок. Бардык даңаза бүт дүйнөнүн Теңири, кудуреттүү Кудайга болсун.

**Бахаулла**

О, Ак көңүлдүүлүктүн Кудайы, Сен. Кимдин күчтөрү бардык жандарды баамдап турат, Сенин кулдарың, Сенин эркиң менен ынтымакта, Сен тарабынан буйрулган орозонун күндөлүк маалы кандайча тутуп жатат, Сенин Ысмыңды эске алгыдай жана Сенин жыргалыңдын жана жоомарттыгыңдын казынасына эмне сакталса, ошол жакшылыктардан өзүнүн үлүшүн алып калууга үмүт этип, Сага алкоо айткыдай болуу үчүн күндүн тыңы эми эле шоокумдана баштаганда алардын кандайча туруп жаткандыгын көрүп жатасың. О, Сенин Ысымдарыңдын жана сапаттарыңдын бардык дүйнөсү Кимдин колунда болсо, ошол бардык жаралгандардын тизгинин Өзүнүн колунда кармоочу, - ылайым, Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн булуттарынан төгүлгөн агындарынан алынган Сенин сууларыңдан Сага кызмат кылуу күнүндө Сен айырбайсың, ошондой эле Сенин ырайыңдын, - деп Сага сыйынам.

О, айланайын Теңирим, Сенин бийлигиңдин жана Сенин өкүмчүлүгүңдүн улуулугу жөнүндө жердин ар бир эң кичинекей бөлүгү күбө өтөт; Сенин улуулугуңдун даңкын жана Сенин кудуреттиң Ааламдын бардык жышаандары ырасташат. О, бардыгынын жана жан бүткөндүн жогорку Теңири, өтүп кетпес күндөрдүн Падышасы жана бардык элдердин, Сенин осуяттарыңдын учугунан кармашкан жана Сенин Буйругуң менен асмандан төмөн жөнөтүлгөн Сенин мыйзамдарыңдын ачылышы алдында өздөрүнүн баштарын ийишкен, ошол Сенин кулдарыңдын үстүнөн Башкаруучусу ак көңүлдүүлүк кыла көр.

О, айланайын Теңирим, Сенин назик камкордугуңдун чыгышына карай алардын көздөрү кандайча жалдырап, Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн океанына карай алардын жүрөктөрү кандайча ниет кылып, Сенин, Ашыкча даңктуунун ысмынын урматына өтө бийик Жердегилердин жалынган, Сенин эң ширин үнүңдүн добуштары алдында алардын үндөрү кандайча тынчып калды, көрүп турасың. О, кагылайын Теңирим, кимди сыноолор жана каатчылыктар куугунтуктаса, ошолорго, Сен эмнеге ээ болсоң, ошолорго ээ болушсун үчүн колдогусунун бардыгын беришкендерге, Сенин сүйгөндөрүңөргө жардам бер, анткени алар ушул дүйнөдөн бурулуп кетиши жана Сенин даңкыңдын падышачылыгына карай жан дүйнөсү менен ниет кылышты. О, менин Теңирим, бузуку кумарлар жана эңсөөлөрдүн кармай калуусунан аларды калкала жана ушул дүйнөдө жана чын дүйнөдө аларга эмне пайда алып келсе, ошолорго ээ болууга аларга жардам бер.

О, айланайын Теңирим, жаратуу дүйнөсүндө Өзүңдүн үнүң жогорулаган жана анын артында өтүп кетпес даңктын тактысына карай жол жок болгон Даракка карата бардык элдерди чакырган Сенин касиеттүү, Сенин кымбат баалуу Ысмың менен: бизге жана Сенин кулдарыңа Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн мол жамгырын, ал бизди Сенден бөлөк, башка эске алуулардан тазаласын, ошондой эле бизди Сенин жыргалыңдын океанынын жээктерине карай жакындатсын үчүн төк, - деп Сага жалбарамын. О, Теңирим, Сенин Өтө көкөлөтүлгөн Калемиңдин күчү менен даңктын Жеринде биздин жан дүйнөлөрүбүзгө өлбөстүктү эмне тартууласа, Сенин Падышачылыгыңда биздин ысымдарыбызды түбөлүккө калтырса жана биздин өмүрүбүздү Сенин колдоочулугуңдун сактоочу жайында, ал эми биздин денелерибизди Сенин кыйрагыс сепилиңдин топурагында сактаса, ошону жаз. Өткөндүн жана келечектин ар кандай нерселеринин үстүнөн Сенин бийлигиң бар. Бардыгынан күчтүү Көрүүчү, Өзү жаралган Сендин бөлөк, башка Кудай жок.

О, Кудай, Сенин ырайыңдын жана Сенин белектериңдин асманына карай биздин алакандарыбыз жайылганын көрүп турасың. Сенин өлчөнгүс жоомарттыгыңдын жана мол жыргалыңдын казыналары менен толушуна аларга уруксат бер. Бизди, аталарыбызды да, апаларыбызды да, кечир, Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн жана жыргалыңдын океанынан биз эмнени энсесек, бардыгы менен бизди үлүштө. О, биздин жүрөктөрүбүздүн Ашыгы, Сенин жолуңдагы биздин бардык эмгектерибизди кабыл ал. Сен, акыйкатында, Бардыгына бийлигиң бар, Өтө көкөлөтүлгөнсүң, Салыштырылгыссың, Жападан жалгызсың, Кечиримдүүсүң, Ырайымдуусуң.

**Бахаулла**

**Ахмадка кат-наама**

Ал Падышанын өзү, Бардыгын билүүчү, Акылман! Мына, Кудайдын жакындыгы жөнүндөгү кубанычтуу кабарды такыбаларга ыйык жана укулуктуу обондор менен жарыялап, кимде ким Кудайдын Бирдигине ишенсе, ошолорду Айкөл Теңир Өзү катышып отуруусунун сарайына чакырып, Кудай, Падыша, Даңктуу, Салыштырылгыс тарабынан келтирилген кат жөнүндө, ажырап кеткендерге кабарлап, ыйыктыктын тактысына жана ушул нуру төгүлгөн Сулуулукка ашык болгондорду жөнөтүп, Түбөлүктүүлүктүн Дарагынын бутактарында Бейиш булбулу сайрап жатат.

Акыйкатында, ушул адашуулардын айырмалана турган Ошол чындык жана ар кандай осуяттарда сынала турган акылмандык аркылуу Элчи Пайгамбарлар Китептеринди алдын ала айтылган ошол Улуу сулуулуктун өзү. Акыйкатында, Ал чексиз даңазалуу, чексиз кудуреттүү, эбегейсиз мөмөлөрү өнүп чыккан өмүр дарагынын өзү.

О, Ахмад! Акыйкатында, Ал Кудайдын өзү жана Падыша, Колдоочу, Теңдешсиз, Бардыгынан Кудуреттүү, Андан бөлөк Кудай жок экендигине деги күбө өтчү. Ошондой эле Али деген ат менен Кимди жөнөтсө, Ал Кудайдын чын кишиси биз бардыгыбыз анын жолун жолдоп, айтканы менен болобуз.

О, адамдар, Даңктуу, Акылдуу, Байан Китебинде алдын ала жазылган Кудайдын осуяттарына баш ийгиле. Акыйкатында, Ал элдердин Падышасынын өзү, ошондой эле Анын Китеби Эне-Китептин өзү, ылайым, ушул нерсе силерге белгилүү болсун, - деп.

Ушул зындандын ичинен Булбул өзүнүн чакырыгын силерге ушундайча кабарлайт. Ал ушул ачык катты өткөрүп берүүсү гана тийиш. Ким кааласа, ушул кеңештен баш тартсын, ал эми ким кааласа, өзүнүн Теңирине карай жолду тандасын.

О, адамдар, эгерде силер ушул сөздөрдү четке каксаңар, анда Силер ким аркылуу Кудайга ишендирдиңер деги далилиңер кайда? Алдамчы анткорлор, кана тапкыла жолуңарды.

Жо-жок, менин жан дүйнөм Кимдин колунда болсо, Ошону менен ант берем, алар а түгүл, бири-бирине жардам берүү үчүн биригишсин, муну эч качан жасай алышпайт.

О, Ахмад! Менин жогумда Менин белектеримди унутпа. Сен жашаган күндөрдө менин жашаган күндөрүмдү эсте, Менин кайгы-капамды жөнүндө жана куугунтукталып, камалып, камыгып жатканды эсте. Мени сүйгөндөн танба, туруктуу бол, кас душмандардын кылычтары жапыр суурулуп, башыңды алууга сунса да мүлдө асма менен жер биригип, Сага каршы турса да жүрөгүң солк этпесин.

Менин душмандарым үчүн оттун жалындай жана Менин сүйгөндөрүм үчүн түбөлүктүү жашоонун өзөн суусу сыяктуу бол, эчкачан ортодо олку-солку болгондордун арасында болбо.

Эгерде эле Менин жолумда сени кырсыктар чала турган болсо, эгерде эле Менин ысмымдан жоготууларга учурай турган болсоң, бул туурасында санаа тартпа, капаланба.

Кудайга таян, өзүңдүн Кудайңа, өзүңдүн бабаларың сыйынган Кудайга таян. Анткени адашуунун жолунда, көздөрү Кудайды көрбөй, кулактары Кудайды үнүн укпай, адамдар ак жолдон адашып баратат. Биз аларды адашкан жолдон таптык, ага өзүң күбөсүң.

Ушентип, адамдар жок нерсеге ишениш көздөрүн чел каптап, жүрөктөрүн дат басып, араларына көшөгө тартылып, даңазалуу, улуу Кудайдын ак жолунан адашып кетишти.

Сен Өзүңө ишен, чындыгында кылымдан кылымга бул сулуулуктан баш тарткандар өткөндөгү Кудайдын өкүлдөрүнөн да баш тартып, теңирге текерлигин көрсөттү.

О, Ахмад, ушул билген билимиңди бекем карма, муну Өзүңдүн күндөрүңдө ырда жана андан токтолбо. Анткени, акыйкатында, аны ким ырдаса, Кудай аларга сыйлык кабары түз, азап чекеңди жана эки дүйнөдө тең урмат тартуулады, сен да ак бата алгандардын арасында болуш үчүн, жараткан теңирден жардамы менен биз сага бейиш жыргалдарын арнадык.

Кудайдын аты менен! Кимде-ким кырсык чалганда же азапка малынганда ушул кат-наманы жан-дили менен окуса, Кудай анын кайгысын таркатат, - анын кыйынчылыгын четет жана анын кырсыктарынан арылтат.

Ал, акыйкатында, Ак көңүл, Жан тартуучу. Кудай, бардык дүйнөлөрдүн Теңири даңктуу болсун!

**Бахаулла**

**Ыйык жайнада окулуучу касиеттүү жазмалар (Скрижалдар)**
**Скрижаль Бахаулланын жана Бабдын Ыйык жайында окулат. Аны ошодой эле Алардын жылдыгынын күндөрүндө да окулат.**

Сенин эң улуу Маңызыңдан чыккандыгыңа алкоо, ошондой эле Сенин өтө нуру төгүлгөн Сулуулугуңдун жарк этишине даңк, ылайым, Сенден боло берсин, Ким Эң сонундуктун Көрүнүшүнүн өзү, Түбөлүктүүлүктүн Падышасы жана көк менен жердеги бардык жандардын Теңири болсо, ошол, о, Сен, Кудайдын өкүмчүүлүгү жана Анын үстөмдүгү, Кудайдын улуулугу жана Анын Эң сонундугу Сен аркылуу келген болучу, ошондой эле азелтеден бери Түбөлүктүү жаркыроонун Күндүзгү Жылдыздары өзүнүн нурларын көктөгү Сенин бузулгус буйругуңду жөнөтүп жатат, ошондой эле жаратылгандардын көз чөйчөгүнүн үстүндө Көрүнбөстүн сулуулугу жагылды, -деп күбө өтөмүн. Анан да Сенин Калемиңдин бир шилтеми менен "Болсун!" деген буйрук аткарылгандыгына, ошондой эле Кудайдын Касиеттүү сыры айтылгандыгына, бардык жаралгандардын жарыкка келгендигине, бардык Ачылыштадын төмөн жөнөтүлгөндүгүнө күбө өтөмүн.
Дагы Сенин Сулуулугуң аркылууу Сүйгөнүңдүн сулуулугунун ачылгандыгына, ошондой эле Сенин ажарың аркылуу Эңсегендин ажарынын жаркырагандыгына, Сенин өзүң аркылуу кимде-ким Сага, даңктын Чокусуна берилген болсо, ошолорду көкөлөтүп, ал эми динсиздерди өтө терең түпсүз туңгуюкка түшүрүп, бардык жаратылгандарга калыстык кылып жаткандыгына күбө өтөмүн.
Сени билгендердин Кудайды билгендигине, ал эми Сенин катышып отурууңа жетишкендердин Кудайдын катышып отуруусуна жетишкендигине күбө өтөмүн.
Ошондуктан кимде-ким Сенин өкүмчүлүгүңдүн алдында өзүн моюн сундурса, кимде-ким Сени менен жолугушуу сыйына татыктуу болсо, жана Сенин ырайыңа ээ болсо, Кимде-ким Сенин аймагыңа барса жана Сенин тактыңдын алдына турса, ошолорго, Сага жана Сенин жышаандарыңа ишенгендерге улуу ырахат. Бирок кимде-ким Сага каршы күнөө жасаса, ошондой эле Сени четке какса, Сенин ыйык жышаандарыңды кайтарса, Сенин өкүлчүлүгүңө чыкса Сага каршы куралданып чыкса, Сенин ажарыңдын алдында текеберчилиги аткарылса, Сенин күбөлүгүңө каршы талашып чыкса, Сенин үстөмдүгүңдүн жана Сенин бийлигиңден качса, ошого, ошондой эле кимдердин ысымдары Сенин касиеттүү жазмаларыңда (скрижаларыңда), буйругуңдун манжалары менен жазылса, ошолордун катарында саналган динсиздерге азап.
О, айланайын Кудайым, жана менин Сүйгөнүм, алар мени өзүмдөн өзүм баш Тарткыдай Болуум үчүн Сенин ырайымдуулугуңдун колдорунан жана Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн касиеттүү желарысындагы Сенин назик камкордугуңан жана ушул дүйнөдөн, ылайым, мага жел соксун жана Сенин жакындыгыңдын жана Сенин катышып отурууңдун сарайына тартылышсын. Сага эмне ылайык келсе, жүзөгө ашырууга Сен эрктүүсүң. Акыйкатында, Сен бардык жандуулардан ашыкча жогорусуң.
Кудайды эске алуу жана Аны мактоо, Кудайдын даңкы жана Анын эң сонундугу, ылайым, Сенде болсун, кимде-ким Анын Сулуулугунун өзү болсо, ошол о, Сен! Жаратылгандардын каректери Сен сыяктуу ушунчалык куугунтук жегенди эч качан көрбөгүндүгүнө күбө өтөмүн. Сенин жашооңдун бардык күндөрүндө Сен кырсыктардын айлампасында чөгөрүлүп келдиң. Өткөн замандарда Сен чынжырда жана кишендерде болдуң, кээ бир учурларда Сенин душмандарыңдын кылычы Сага карай көтөрүлдү. Ошентсе да, муну тоотпой, кимде-ким Бардыгын жетектөөчү, Ашыкча акылман болсо, Ошол тарабынан Сага буйрулгандарды аткарууга Сен бардык адамдарга буйрук.

Ылайым, Менин рухум Сен башыңдан өткөргөн ошол кыйынчылыктар үчүн куткарып алуу акысы болсун. Сенин ысмың менин жана кимдердин жүздөрү Сенин ажарыңдын жарыгынын жаркырашынан шоокумданса, ошондой эле кимде-ким Сага карай сүйүүнүн урматына алар үчүн буйрулгандардын бар Дыгын аткарса, ошолордун ысымдары менен: Сени жана Сенин жараткандарыңды эмне болуп тарса, көшөгөлөрдү сыйры, ошондой эле ушул дүйнөнөгү жана келечектеги дүйнөнөнүнжакшылыктары менен мени үлүштө,-деп Кудайга сыйынам.
Акыйкатыңда, Сен бардыгынан Кү-кубаттусуң, Өтө көкөлөтүлгөнсүң,
Бардагынан даңктуусуң, Түбөлүк Кечиримдүүсүң, Өтө жан тартуучусуң.
О, Тенирим, айланайын Кудаыйм, Кудайлык Лотос Дарагына, ошондой эле анын жалбырактарына, чоң да кичине да, бутуктарыңа, анын бүчүрлөрүнө, анан да,сабактарына Сенин артыкчылыктуу Ысымдарың жашай турган жана ошондон Сенин өтө улуу көрүнүшүң кылымдардан кылымдарга создуккан Ак батаңдын бер. Аны тартып алууга аракет кылуучунун арамза айла-амалдарынан жана тирандыктын жер майышкан колдорунан сакта. Сен, акыйкатыңда, Бардыгынан күчтүүсүң, бардыгынан кудурктүүсүң.
О, Теңир, айланайын Кудайым,ошондой эле кимде ким сени табышса, ошол Сенин кулдарыңа жана күндөрүңө Ак батаңды бер. Сен, акыйкатыңда, ошол ак көңүлдүүлүгү чексиз, Бардыгынан жоомартсың. Түбөлүк кечиричүү, Өтө жоомарт Сенден бөлөк, башка Кудай жок.
**Бахаулла**

(Абдул-Баха аркылуу ачылган бул текс анын ыйык жайында окулат.Аны ошондой эле өздүк сыйынуу катарында да окууга болот.)
Абдул-Баха: «Кимде-ким бул сыйынууну моюн сунуу жана зор ынтаа менен окуса, ошол кызматчынын жүрөгүнө кубаныч жана ыраазылыкты жеткирет»; жана аны менен бетме-бет жолугушуп калгандай эле болот.
Ал бардыгынан данктуунун өзү! О, кудай, аыланайын кудайым! Моюн суна жана көз жашымды көлдөй төгө, мен өзүмдүн колдорумду сыйына көтөрөм жана акылмандардын билиминин жана кимде-ким Сени даңктаса , ошолордун бардыгынын  алкоосунун үстүндө көтөрүлгөн Сенин Босогоңдун чаы менен мен өзүмдүн жүзүмдү сүртөм. Сенин ак көүлдүүлүгүңдүн көзүнөн карашы менен, Сенин дарбазаңдын жанында моюн сунган жана баш ийилген Сенин кулуңа ак көңүлдүүлүк менен кара жана аны Сенин түбөлүктүү жыргалыңдын. Океанына чөгөр.
Жараткан Тенир! Сага таң калып суктанган жана Сага жалынып- жалбарган, Сенин ушул моюн сунган жана эч нерсеге арзыбаган кулуң, Сага ишенген, Сага карай жалындуу сыйынууларды айткан , Сенин колдоруңду туткуну,сенин Ажарыңдын алдында көз жашыңды көлдөтүп суранам:
О, Тенирим, айланайын Кудайым! Сенин сүйгөнүң мен, кызмат кылгыдай болсун үчү, Сенин жыргалыңды мага жөнөт , менин сага кызмат кылуумда мага күч бер, Сенин касиеттүүлүгүңдүн алдыңда табынуунун жарыгы менен менин маңды шоокумдант. Сенин дарбазаңдын көккө чыга беришиңдеги ар кандай өз керт ба шынын пайдасына умтулуучулука жулкунбоого жана Сенин касиеттүү чектериңден тышкары баардык нерселерден баш тартууга мага жардам бер. Теңир! Керт башынын камын ойлобоочулуктун чөйчөүнөн ичүүн мага бер; анын көйнөгүн мага кийгиз жана анын океанына мени чөктүр. Мени Сенин сүйгөндөрүңдүн чыйыр жолуңдагы чаң сыйяктуу кыл жана, о, Даңктын жана Жогорудагылардын Теңир, Сенин жолуңда Сенин  тандамаларыңдын жолдоочулугу мага уруксат бер!
Сенин кулуң ушул сыйынуу менен таң шоокумдагы, кээде түндөсү Сага карай кайрылат. О, Теңир, анын жүрөгүнүн эңсөөсүн аткар! Анын жүрөгүн жарык кыл, көкүрөгүн кубанычка толтур, ал Сенин Ишиңе жана Сенин кулдарыңа кызмат кыла алгыдай болсун үчүн анын жарыгын жандыр, - деген сөздөр менен Сага карай жалынат.
Сен Берешенсиң, кайрымдуусуң, Бардыгынан жоомартсың, Мээримдүүсүң, Ак көңүлсүң, Боорукерсиң.

**Абдул-Баха**

**Оттуу касиеттүү жазма**

Ээзелтеден берки түбөлүктүү, Эң улуу, Кудайдын ысмынын урматына. Акыйкатында, өтө таза жүрөктөр бөлүүнүн отунда күйүп азап чегишет: Дүйнөлөрдү ашык кылган,
Сенин жаркыраган Ажарыңдын жарк этиши кайда?
Сага эмне жакын болсо, жалаң гана ошолор, таптакыр үмүт үзүү, айласы түгөнүү караңгылыгында калышты.
Дүйнөлөр Эңсеген,
Сени менен кайрадан биригүүгүн жаркыраган таңы деги кайда?
Алыскы чөлдө Сенин тандалмаларыңдын денелери калтырайт.
Дүйнөлөрдү Кумарланткан,
Сенин жакындыгыңдын деңизи кайда?
Жалынып – жалбарган колдор Сенин жоомарттыгыңдын жана ырайымдуулугуңдун асманына карай сунулду.
О, дүйнөлөрдүн сыйынууларына Жооп берүүчү,
Сенин белектериңдин жамгыры деги кайда?
Динсиздир бардык жерде эзүүсүн орнотушту.
Бардык дүйнөлөрдү Оздуктоочу,
Сенин Калемиңдин буйругунун багынтуучу күчү кайда?
Ар тараптан иттин күркүрөп үргөнү угулат.
Дүйнөлөрдү жазалоочу,
Сенин бардык күч-кубаттуулугуңдун тобундагы арстан кайда?
Бүткүл адамдардын тукумун кайдыгерлик кишендеп койду.
О, бардык дүйнөлөрдүн жалыны,
Сенин сүйүүңдүн жылуулугу деги кайда?
Бакытсыздык башка чалма салды.
О, дүйнөлөрдүн Коргоочусу,
Сенин колдооңдун белгилери кайда?
Караңгылык адамдардын көпчүлүгүн жалмап салды.
Дүйнөлөрдүн жаркыргагы,
Сенин эң сонундугуңдун жылтырагы кайда?
Адамдардын моюндары каарданып создугат.
Бардык дүйнөлөрдү кыйратуучу,
Сенин жазалоочу деги кылычың кайда?
Басындыруу эң туңгуюгуна чейин жетти.
О, Бардык дүйнөлөрдүн Данкы,
Сенин даңкыңдын көрүнүштөрү кайда?
Ким тарабанан Сенин “Бардыгынын ырайымдуу” ысмың келген болсо, Ошол азаптын чеңгелинде калды.
О, дүйнөлөрдүн ырахаты,
Сенин Ачылышыңдын таң алдында жарыгынан келген кубаныч кайда?
Сенин шаттыгыңдын түркүгү кайда?
Сенин белгилериңдин бузуку азгырыктардын чыгышы мажбурлап жаткандыгын Сен көрүп турасың.
О, дүнөлөрдүн Күч-кубаты,
Сенин бардык күчүңдүн манжалары деги кайда?
Адамдарды азаптуу чаңкоо алсыратууда.
О, бардык дүйнөлөрдүн Ак көңүлү,
Сенин жоомарттыгыңдын суулары кайда?
Бүткүл адамдардын тукумун ач көздүк кулдукка алды.
Дүйнөлөрдүн Теңири,
аша кечүүчүлүктүн жүзөгө ашуусу кайда?

Кара: ушул Куугунтук жеген сүргүндө алсыроодо.
О, дүйнөлөрдүн Өкүмдары,
Сенин Буйруктарыңдын асмандагы кошуундары кайда?
Мен бөлөк өлкөдө калдым.
Бардык дүйнөлөрдүн Таянычы,
Сенин ишениминдин белгилери кайда?
Өлүм алдындагы азап бардык адамдарды санаа тарттып жатат.
О, дүйнөлөрдүн жашоосу,
Түбөлүктүү жашоонун океанындагы Сенин толкундарың кайда?
Шайтандын күбүр-шыбыры бардык жандууну жандантып жатат.
О, дүйнөлөрдүн Жарыгы,
күйчүү жылдыздагы Сенин отуң кайда?
Кумар мастыгы бүткүл адамдардын тукумун дээрлик бузду.
Дүйнөлөрдүн Эңсөөсү,
Тазалыктын эрте мененки шоокуму кайда?
Кара: ушул Куугунтук жеген сириялыктардын арасында тирандыктын
Жамчысына орорулду.
О, дүйнөлөрдүн Жарыгы,
Сенин таңкы нурларың кайда?
Кара: Мага сүйлөөгө тыюу салынууда.
О, дүйнөлөрдүн Булбулу,
Сенин ырларың деги кайсы жактан жаңырууда?
Бүткүл адамдардын тукуму дээрлик курулай жана таң калычтуу эңсөөлөргө булганышты.
Дүйнөлөрдүн Ишеними,
Сенин ишенимдериңдин ишке ашуусу кайда?
Баханы, кайгынын айлампасына чөгөрүп жатат.
Бардык дүйнөлөрдүн Сактап калчуусу,
Сенин сактап калчуучу Кемең кайда?
Кара: Сенин сөзмөрдүгүңдүн таңы дүйнө имаратынын караңгылыгы менен чулганды.
Дүйнөлөр үчүн жарык Тартуулоочу,
Сенин ак көңүлдүүлүгүңдүн күнү кайда?
Акыйкаттын жана тазалыктын, үмүттүн жана сыйдын чырактары өчүрүлдү.
О, Дүйнөлөрдү Кыймылдатуучу,
Сенин жазалоочу каарыңдын жышаандары кайда?
Кимдир-бирөөлөрдүн кимиси Сенин тарабыңда салгылашар эле же Сенин сүйүңдүн
майданында Анын башына эмне түштү. Сен көрүп турасыңбы?
Дүйнөлөрдүн Сүйгөнү,
Менин калемимдин сыясы ушул жерден какшып калды.
Тагдырдын долу бороону Кудайлык Лотос Дарагынын бутактарын сындырды.
Бардык дүйнөлөрдүн Жоокерлери,
Сенин жардамыңдын туулары деги кайда?
Ушул ажар ушактын чаңы алдында калды.
О, бардык дүйнөлөрдүн Ак көңүлү,
Сенин жан тартууңдун желаргысы кайда?
Такыбалыктын кийимдери жанганчылар тарабынан булганды.
О, дүйнөлөрдү Саймалоочу,
Сенин касиеттүүлүгүңдүн кийимдери кайда?
Адамдар тарабынан жасалган жорук-жосундан жыргалдын деңизи селдейе түштү.
Дүйнөлөрдүн Эңсөөсү,
Сенин жоомарттыгыңдын толкундары кайда?
Кудайдын катышып отуруусуна карай Эшик Сенин душмандарыңдын тиранчылыгынан улам
жабылды.

О, дүйнөлөрдүн Ачуучусу,
Сенин белектериңдин ачкычы деги кайда?
Ууланткан шамалдардан улам жалбырактар саргаюуда.
О. дүйнөлөрдүн Сыйкору,
Сенин жоомарттыгыңдын булуттарынын төгүлүшү кайда?
Аалам күнөөнүн чаңдарынан өчүңкү тартты.
О, дүйнөлөрдүн Кечирүүчүсү,
Сенин кечириминдин желаргысы кайда?
Ушул Улан чөлдүү өлкөдө ушинтип жалгыз калды.
О, дүйнөлөрдүн Бөлүштүрүүчүсү,
Сенин көктөгү жыргалыңдын жамгыры кайда?
Жогорку Калем! Биз Сенин көктөгү тургундарыңа болгон ширин чакырыңды уктук. Өзүңдүн кулагыңды Улуулуктун Тили эмнелер туурасында баяндаса, ошолорго,
бардык дүйнөдөгү Куугунтукталгандарга карай Төшө.
О, бардык дүйнөлөрдү Түшүндүрүп берүүчү,
Ушул ичиркентип жаткан муздак болбосо, анда Сенин сөздөрүңдүн кызуусу жеңишти даңазалар беле?
О, дүйнөлөрдүн Жарыгы,
Ушул бактысыздык болбосо, Сенин чыдамыңдын күнү кандайча жаркырар эле?
Намысы жоктордон улам күйүт тартпа:
Дүйнөлөрдүн Сабыры,
Сен туруктуулукту көрсөтүү жана жинди кагуу үчүн жаралгансың.
Дүйнөлөрдүн Сүйүүсү,
Чатак чыгаруучулардын жана Кудайга карай кумарлуу умтулгандардын үстүнөн болгон Осуяттын көз чөйчөгүнө Сенин чыгышың – о ,кандай асыл!
Дүйнөлөрдүн чоң кубанычы,
Сенден улам эркиндиктин туусу эң бийик чокуларда желбиреди жана деңиз менен Ынтымакташуунун жери саймаланды.
Бардык дөйнүлүрдүн Куугунтукталуучусу, чыдам бол.
О, бардык дуйнөлөрдүн Сыймыгы,
Биз басынууну данктын жана кырсыктын кийими менен Сенин храмыңдысаймасы кылып койдук.
Сен: жүрөктөрдүн көрө албастыкка толгондугун көрүп турасың.
Дүйнөдөгүкүнөлөрдү Жашыруучу,
аны Сен болгондон, Ким кечирет?
О, Дүйнөлөрдүн Курман чалуучусу,
Кылыч жарк этсе, алга жөнө! Жебе ышкырса, душманды кыс!
Сабагы же Магабы, арыз-муң кимге ылайык?
О, Дүйнөлөрдү Орундаштыруучу,
Эми Бах, тын ажары сыноолордун ысыгынан жана Сенин күйүп жаткан сөздөрүңдүн жалынынын ысыгы менен алоолонот, ошондой эле ал курман чалуу жеринде көтөрүлүш чыгарып, ишенимдин туткунунда, Сагажакканды гана издейт.
О, А Али-Акбар, сен эмненден улам Менин жооштугумдун жыпар жытын жаттаган жана дүйнө жүзүндөгүлөр. Кимдин алдында жүгүнүшүп. Кудай жолунда.
Бизге эмне туш келсе, ошого жеткен касиеттүү жазуу (скрижаль) үчүн Теңирге ыраазылыгыңды ушунчалык көкөлөт да.
Бардык кызматчылар ушуну окушкан жана таразалашкан соң, алардын кан тамырларында дүйнө жүзүндөөчүлөрдү кантип алуугажарамдуу жалып тутанат.